Кыргызстанда диний маселелерди чагылдыруу боюнча Колдонмо

ЖУРНАЛИСТТЕР ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМ ҮЧҮН

УДК
ББК

Автордук жамаат:

Алтынай Исаева – «Институт Медиа Полиси» коомдук фондунун юристи

Дмитрий Кабак – «Ачык позиция» коомдук фондунун президенти

Инга Сикорская – «Борбордук Азиядагы тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектебинин» директору

Ак-Марал Азимованын жалпы редакциясында

Аннотация

Бул колдонмо убактысы тар, бирок жаңы нерселерди үйрөнүүгө ачык адамдарга арналат. Калемдин, барактын, калемсаптын, клавиатуранын, камеранын жана микрофондун кызматкерлерине дем берүү максатында автордук жамаат диний маселелерди чагылдыруунун эң маанилүү сырларын кыска-нуска баяндап, жалпак тилге салып түшүндүрүп берүүгө аракет кылышты.

Биз бир динде же ишенимде болбосок дагы маектешпиз, эң башкысы - жаңы нерсени үйрөнгөнгө, укканга, түшүнүүгө жана башкалардын көйгөйлөрүнө кам көрүүгө болгон аракет. Башка рецеби жок.

0 УДК
ISBN ББК

Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу боюнча институт (IWPR) 2019

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 5

I. ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ БОЛГОН УКУК 7

1.1. Эл аралык укуктар 8

1.2. Эл аралык укук - укуктун бир тармагы катары 9

1.2.1. Универсалдуу укуктардын каталогу: Адам укуктарынын жалпы декларациясы 11

1.3. Адамдын диний чөйрөдөгү башка укуктары менен эркиндиктери 13

1.4. Укуктарды чектөөнүн себептери 16

1.5. Светтүүлүк принциби 19

II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДИН МАСЕЛЕЛЕРИН МЫЙЗАМДЫК ЖӨНГӨ САЛУУ 21

2.1. Кыргыз Республикасынын абийир жана дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү ченемдик-укуктук базасынын негизги багыттары 22

2.2. «Кыргыз Республикасында абийир жана дин тутуу эркиндиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 25

2.3. Кастыкты козутуу тилин колдонуу жөнүндөгү улуттук мыйзамдын укуктук багыттары 28

2.5. Журналисттер үчүн сунуштар 34

III. ЖУРНАЛИСТТЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР 39

3.1. Дин маселелерин чагылдыруу 40

3.1.1. Журналистиканын эл аралык стандарттары 41

3.1.2. Дин маселелерин кантип чагылдыруу керек? 45

3.1.3. Борбордук Азиядагы диний тренддер тууралуу маалымат берүүнүн техникасы 54

3.2. Дин маселелерин чагылдырууда кастык тилин колдонууга жол бербөөнүн жолдору 67

3.2.1. Кастык тилинин феномени 67

3.2.2. Канткенде кастык тилинин жайылтуучусу болбойбуз 75

IV. ДИН МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕРДИН ГЛОССАРИЙИ 84

4.1. Колдонууга болбой турган терминдердин глоссарийи 85

4.2. Дин маселелерин чагылдырган журналисттерге жардамчы боло турган терминдердин тизмеси 90

КИРИШҮҮ

Дин темасында сапаттуу материал даярдоо үчүн эл аралык нормативдик-укуктук базаны, ички мыйзамдарды билүү, дин жана ишеним эркиндигине болгон укуктун кол тийбестигине кепилдик берүүчү стандарттарды сактоо талап кылынат. ММКнын же граждандык коомчулуктун өкүлү мындай маалыматтарды даярдап жатканда жүздөгөн интернет булактарын казып чыгып, материалынын өзөгүн түзө турган комментарий алуу үчүн мамлекеттик түзүлүштүн өкүлдөрүнө жана компетенттүү эксперттерге кайрылат. Бардык суроону берсе болот. Мисалы:

- Дин жана ишеним эркиндигине болгон укук кайсы эл аралык нормаларда камтылган?
- Дин тутуу эркиндиги менен ишеним эркиндигинин ортосундагы айырма эмнеде?
- Диний бирикмелердин ишмердүүлүгү жөнүндө кантип туура айтып берүүгө болот?
- Кайсы бир диний окуу тууралуу баяндап жатып, жеке көз караш, ынанымдарды колдонууга жол берилеби?
- Уруксат берилген диний материал менен тыюу салынган материалдын ортосундагы айырма эмнеде?
- Ынтымакка чакырган диний уюмдар менен тыюу салынган кыймылдардын ортосундагы чек эмнеде?

Окурманды тарта турган контентти түзүүдө бул толук тизме эмес. Бул экспертпи, же катардагы окурманбы – баары максималдуу түрдө жеткиликтүү жана так болушу керек. Бул колдонмонун актуалдуулугу - диний маселелерди сапаттуу чагылдыруу үчүн ыкмаларды бир системага салуу, ал эми максаты – жаңы нерселерди үйрөнүүгө ачык, бирок убактысы тар адамдардын убактысын үнөмдөө – замандын негизги талабына жооп берет.

Урматым менен,
Согушту жана
тынчтыкты чагылдыруу
боюнча институттун
аймактык жетекчиси

Абахон Султоназаров

1 ДИН ЭРКИНДИГИНЕ БОЛГОН УКУК

Автор: Дмитрий Кабак, «Ачык позиция» коомдук фондунун жетекчиси

1.1. Эл аралык укук

Дин жана ишеним эркиндиги тууралуу жоболор БУУнун бир катар эл аралык келишимдеринде камтылган. Алардын ичинде БУУнун уставы, Адам укуктарынын жалпы декларациясы (АУЖД), Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт (ЖСУЭП), аны менен катар баланын укугу тууралуу конвенция (БУК) бар. Дин жана ишеним эркиндиги тууралуу жобо Адам укуктарынын жалпы декларациясынан башталып, мамлекеттердин биригүүсүн талап кылган келишимдер - Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактыда жана баланын укугу тууралуу конвенцияда өнүгүү тапкан. БУУнун келишимдеринен сырткары, бул колдонмодо каралбаган Европалык кеңештин жана ЕККУнун документтери дагы бар.

ДИН ЖАНА ИШЕНИМ ЭРКИНДИКТЕРИ ТУУРАЛУУ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУН НЕГИЗДЕРИ

- БУУнун уставы, 1945-ж. (1-берене, 3-бөлүм)
- Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 1948-ж. (18-берене)
- Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт, 1966-ж. (18-берене)
- Баланын укугу тууралуу конвенция, 1990-ж. (14-берене)

1.2. Эл аралык укук – укуктун бир тармагы катары

Адам укугунун универсалдуу каталогу Адам укуктарынын жалпы декларациясы тарабынан аныкталган (1948). Андан кийин Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакты (1966) жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пактыда (1966) декларацияда айтылган адам укуктары жана эркиндиктери деген аныктаманы деталдаштырып, адам укуктары менен эркиндиктерин эң жогорку баалуулук деп жарыяланышына фундаменталдык негиз болгон, муну камсыздоо үчүн жоопкерчилик мамлекетке жүктөлгөн.

Декларацияда жана пактыларда көрсөтүлгөн ой, абийир жана дин эркиндиктери дин жана ишеним эркиндиги деп бул түшүнүктөрдү экиге бөлүп, алар тууралуу жалпы түшүнүктү киргизген.

Ошентип, дин эркиндиги динге ишенүү же ишенбөөгө (диний практиканы жасоо) негизделсе, ишеним эркиндиги дин менен байланышпаган дагы кандайдыр бир көз караштарды карманууга болгон укукка негизги көңүлдү бурат.

Дин эркиндиги дагы, ишеним эркиндиги дагы бирдей эле корголот. Эл аралык укукка ылайык, дин же ишеним эркиндиги бул укукту чектөө үчүн негиз катары улуттук коопсуздукту коргоону максат кылбайт.

УНИВЕРСАЛДУУ УКУКТАР КАМТЫЛГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН КАТАЛОГУ:

Адам укуктарынын жалпы декларациясы

ДИСКРИМИНАЦИЯЛАБОО ПРИНЦИБИН КАМТЫГАН ДОКУМЕНТТЕР:

БУУнун адам укуктары боюнча негизги келишимдери (9 келишим жана аларга кошумча протоколдор)

Ар бир адам кандайдыр бир белгисине карата укуктары чектелбей, бардык адам укуктары менен эркиндиктерине, анын ичинде дин жана ишеним эркиндигине дагы ээ деп таанылат (дискриминациялабоо принциби)

ДИН ЖАНА ИШЕНИМ ЭРКИНДИГИ

Белгилүү бир динди тутуу же эч кандай динге ишенбөө эркиндиги

Кайсы бир ишенимдерди кармануу эркиндиги

Дин жана ишеним эркиндиги бирдей корголот жана бир укукка (эркиндикке) бириктирилген

1.2.1. Универсалдуу укуктардын каталогу: Адам укуктарынын жалпы декларациясы

Адам укуктарынын жалпы декларациясы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы - Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн үч жылдан кийин адамдын жашоосу менен адамдын кадыр-баркынын баалуулугун бөтөнчө белгилөө максатында кабыл алынган. Декларация адамдын укуктары менен эркиндиктеринин тизмесин бекитип, аларга аныктама берип, адамдын кайсы укуктары менен эркиндиктери чектеле тургандыгын аныктады жана ар бир укук же эркиндикти чектөө үчүн өзгөчө шарттарды белгиледи. Адам укуктары менен эркиндиктери универсалдуу болуп эсептелет жана эч кандай дискриминациясыз ар бир адамга таандык.

АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (10.12.1948-ж.)

Декларациянын максаты – адамдын кадыр-баркынын корголушун камсыздоо.

Азыркы тарыхта дин жана ишеним эркиндиги биринчи жолу Адам укуктарынын жалпы декларациясында бекитилген.

Укук жана эркиндиктердин чектелиши

Адам укуктары менен башкы эркиндиктеринин негизинде адамдын кадыр-баркын сыйлоо жатат.

Укук жана эркиндиктерди чектөөнүн негизине ар бир укук үчүн аныкталган тыюу салынган иш-аракеттер (же максаттар) жатат. Чектөөлөр мыйзам тарабынан киргизилүүгө жана укукка (эркиндикке) карата аныкталган талаптарга ылайык болууга тийиш.

Адам укуктары боюнча декларация менен негизги келишимдер укуктарды чектөөнүн шарттарын белгиледи: коомдук тартипти же коомдук коопсуздукту, саламаттыкты же адеп-ахлакты, улуттук коопсуздукту (мамлекеттин бүтүндүгү жана аймактык бүтүндүк) сактоо, башкалардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо кызыкчылыгында.

Дин же ишеним эркиндигинде улуттук коопсуздукту сактоо максатында эч кандай чектөө каралган эмес.

1.3. Адамдын дин чөйрөсүндөгү башка укуктары менен эркиндиктери

Дин жана ишенимдер дискриминацияга – адам укуктары менен эркиндиктеринин себепсиз чектелишине жол бербей турган негиз катары эсептелет.

Мамлекеттин светтүүлүк принциби эч кайсы дин же ишеним мамлекеттик же милдеттүү деп таануланбаган дин же ишеним эркиндигин аныктайт.

Аны менен катар дин же ишеним эркиндиги диний ишенимдерди эркин тандоону, өзгөртүүнү жана колдонууну, ошондой эле турмуш-тиричиликте же атайын белгиленген жерлерде аларга ылайык иш-аракеттерди жасоону, ырым-жырымдарды тоскоолдуксуз аткарууну дагы камтыйт.

Диний билим алуу укугу дагы дин эркиндигинин маанилүү элементи болуп эсептелет. Диний билим берүү мекемелери мыйзамга ылайык ишмердүүлүк жүргүзүүгө укуктуу. Аталган процессти уюштурууга карата коюлган талаптар мамлекеттик мыйзам тарабынан белгилене тургандыгын эстен чыгарбаш керек.

Баланын укуктары жөнүндө конвенция – баланын өзгөчөлүктөрү менен муктаждыктарын эске алуу менен адамдын укуктарын жана эркиндиктерин карап чыккан БУУнун өзүнчө келишими. Баланын дин жана ишеним эркиндиктерин колдонууну ишке ашыруу ата-энесине же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнө жүктөлгөн.

Динге болгон мамилесине карай артыкчылыктарды берүүгө, же тескерисинче, чектөөлөрдү коюуга жана дискриминациянын башка формаларынын белгиленишине жол берилбейт.

Дискриминациялабоо принциби БУУнун адам укуктары жөнүндө эл аралык келишимдеринин беренесинде да (АУЖД 7-б., ЖСУЭП 2-б., 2-б., 1-б., 20-б., 26-б., ЭСМУЭП 2-б., 2-б.), укуктар менен эркиндиктерге байланышкан айрым жоболордо да белгиленген:

Дин жана ишеним эркиндиктеринин маселелери “дискриминациялабоо” принциби менен БУУнун уставында, АУЖД жана БУУнун адам укуктары боюнча башка негизги келишимдеринен орун тапты

16.12.1966-жылы кабыл алынган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт.

16.12.1966-жылы кабыл алынган Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт

20.11.1989-жылы кабыл алынган Баланын укуктары жөнүндө конвенция

Келишим тарабынан корголгон жарандык жана саясий укуктардын каталогун (тизмеси менен аныктамаларын) аныктады

Келишим тарабынан корголгон экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын каталогун (тизмеси менен аныктамаларын) аныктады

Балага - 18 жашка чейинки ар бир адам баласына карата адам укуктары менен эркиндиктеринин баарын карап чыкты

Ар бир мамлекет ар бир келишим боюнча аларга кошулуу (ратификация) жолу менен өзүнө милдеттенмелерди алат



- үй бүлө куруу укугу;
- мажбурлоочу же милдеттүү түрдө эмгекке тартууга тыюу салуу;
- өз ой-пикирин эркин билдирүү укугу;
- жеке каалоосуна ылайык ар кандай ыкмалар менен маалыматтарды жана идеяларды издөө, алуу жана жайылтуу эркиндиги;
- ар бир баланын коргоо чараларына болгон укугу;
- мамлекеттик иштердин жүрүүсүнө катышуу укугу (мамлекеттин жарандарынын укугу) – АУЖД 21-б. жана ЖСУЭП 25-б.;
- добуш берүү жана шайлануу укугу (мамлекеттин жарандарынын укугу); - АУЖД 21-б., ЖСУЭП 25-б.;
- теңдик шарттарында мамлекеттик кызматка алынуу укугу (мамлекеттин жарандарынын укугу) - АУЖД 21-б., ЖСУЭП 25-б.;
- мыйзам алдындагы теңдик – ЭСУЭП 26-б.;
- дискриминациядан бирдей коргоого алынуу – АУЖД 7-б.;
- бирдей эмгек үчүн бирдей айлык-акы алуу укугу – АУЖД 23-б. 2-б.;
- өзгөчө кырдаалдар учурунда диний ишенимине гана негизделген дискриминация орун берип адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердеги милдеттенмелерден баш тартуу чараларына тыюу салуу (ЭСУЭП 4-б.) Өзгөчө кырдаалдар учурунда милдеттенмелерден баш тартууга ЭСУЭПтин 18-беренеси тыюу салат;
- Дискриминацияга чакырык (аны менен катар кастыкка жана зомбулукка) коштогон диний жек көрүүгө (улуттук жана расалык) багытталган сөздөргө мыйзамдар менен тыюу салынат – ЭСУЭП 20-б. 2-б. Ар бир баланын диний белгисине (жана башка белгилерине) карабастан коргоо чараларына болгон дискриминациясыз укугу – ЖСУЭП 24-б. 1-б. жана ЭСМУЭП 10-б., 3-б.;
- мыйзам алдындагы теңдик;
- дискриминациядан эффективдүү коргоо.

1.4. Укуктарды чектөөнүн себептери

ЖСУЭПнын бир катар беренелеринде укуктарды чектөөнүн шарттары (негиздери) каралган. ЖСУЭПнын 8-беренесинин 3-бөлүмүндөгү укуктук чектөөлөр мажбурлоочу жана милдеттүү эмгекке тыюу салууга абийир ишеними (саясий же диний-этностук жүйөлөр) боюнча аскердик мүнөздөгү кызматты алмаштырууга багытталган кызмат – «аскерде кызмат өтөөдөн баш тарткандар» (пацифисттер) кирбей тургандыгын белгилейт.

ЖСУЭПнын 9-беренесинде жеке ой-пикирин тоскоолдуксуз карануу укугу каралган. Адамдын укугу башкалардын укугу башталган жерден бүтөт деп айтылгандай, жеке ой-пикирин билдирүү эркиндигине болгон укукка дагы айрым чектөөлөр коюлган.

Беренеде бул укукту пайдалануу өзгөчө жоопкерчиликти жүктөй тургандыгы айтылат: «Ал мыйзам тарабынан аныкталып:

- башка адамдардын укуктары менен кадыр-баркын сыйлоо үчүн;
- мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын сактоо үчүн зарыл боло турган айрым чектөөлөр менен коштолушу мүмкүн.

Каралып жаткан Пактынын 20-беренеси **дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка чакырык жасап,** улуттук, расалык же **диний кастык** иш-аракеттерин көздөөгө тыюу салат.



Адамдын укуктары менен эркиндиктерин чектөө мыйзамдын үстөмдүгүн орнотуу, коомдук коопсуздукту, тартипти, саламаттыкты жана адеп-ахлакты коргоо үчүн жасалган аракеттин жыйынтыгы болуп саналгандай эле, башка адамдардын негизги укуктары жана эркиндиктери менен катар дин чөйрөсүндөгү укуктары жана эркиндиктерге дагы ээ болгону менен түшүндүрүлөт:

- жеке тандоосуна жараша дин же ишенимге ээ болуу, же болбосо кабыл алуу эркиндиги;
- дини менен ишенимдерин өз алдынча же башкалар менен биргеликте, коомдук же жеке тартиптер менен тутуу эркиндиги;
- диний жана ритуалдык ырым-жырымдарды аткаруу;
- ар кандай маалыматтар менен идеяларды издөө, алуу жана жайылтуу эркиндиги;
- тынчтык жыйындарын өткөрүү эркиндигине болгон укук;

- башкалар менен биригүү эркиндигине болгон укук;
- мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө түздөн-түз катышуу укугу.

Жогоруда айтылган максаттар менен дал келген чектөөлөр мыйзам тарабынан аныкталат (мыйзам парламент тарабынан кабыл алынат).

Белгиленген укуктар менен эркиндиктердин ар бири боюнча адам укуктары боюнча БУУнун эл аралык келишимдеринин жоболорунда чектөөлөргө негиздер каралганын эстен чыгарбоо зарыл.

Чектөөлөр коомдук тартипти же коомдук коопсуздукту, саламаттыкты же адеп-ахлакты, мамлекеттик коопсуздукту (мамлекеттин жана аймактык бүтүндүктү) сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында киргизилет.	Чектөөлөр тыюу салынган иш-аракеттерге (ишмердүүлүк же максаттар) коюлат.	Дин же ишеним эркиндигинде мамлекеттик коопсуздукту сактоо максатында дин же ишеним эркиндигин чектөө мүмкүнчүлүгүн каралбайт.

1.5. Светтүүлүк принциби

Адам укуктары жөнүндө эл аралык келишимдер БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан светтик мамлекеттер менен катар эле, теократтык мамлекеттердин (диний жана жарандык бийлик бирдей болгон) дагы катышуусу менен иштелип чыккан жана кабыл алынган. Светтүүлүк принциби жарандык жана диний бийлик бири-биринен бөлүнгөн өлкөлөр үчүн мүнөздүү. Эрежеге ылайык, светтүүлүк принциби - мамлекеттик институттардан диний институттардын бөлүнүшү жана мунун Конституция менен мыйзамдарда бекитилиши болуп саналат.

Кыргыз Республикасында диний негизде партия түзүүгө жана диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө (КР Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүмүнүн 3-пункту) тыюу салынган, диний ынанымдарын билдирүүгө же болбосо алардан баш тартууга мажбурлоого жол берилбейт (КР Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүмүнүн 7-пункту), ошондой эле Конституцияда белгиленгендерден тышкары диний жана башка ишенимдерди эркин тандоо жана аларга ээ болуу укугун чектөөгө тыюу салынган (КР Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүмүнүн 5-пункту). Мамлекеттин светтик формасы бардык жарандардын динге карата мамилесине карабастан, алардын укуктары менен эркиндиктерин бирдей камсыздайт.

Светтүүлүк принциби КР Конституциясында аныкталган: «Эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен бөлүнгөн. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө кийлигишүүсүнө тыюу салынат» – КР Конституциясынын 7-беренеси.

Шайлоого катышуу, шайлоо жана шайлануу укугу: кызматкерлер, динине же ишенимине карабастан, жалпы коом үчүн анын көп түрдүүлүгүн эске алуу менен кызмат кылат.

Конфессиялар аралык кызматташуу. Мамлекет конфессиялар аралык диалогду колдоого жана бардык жамааттардын эч кандай дискриминациясыз коомдук иштерге катышуусун камсыздоого тийиш.

2 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДИН МАСЕЛЕЛЕРИН МЫЙЗАМДЫК ЖӨНГӨ САЛУУ

Автор: Алтынай Исаева,
«Институт Медиа Полиси»
коомдук фондунун юристи

2.1. Кыргыз Республикасынын абийир жана дин эркиндиги жөнүндөгү ченемдик-укуктук базасынын негизги багыттары

Кыргыз Республикасынын (мындан ары - КР) Конституциясы өлкөнүн башмыйзамы катары абийир жана эркиндигинин негизги жоболорун бекитет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы

КР КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН 1-БЕРЕНЕСИНДЕ МЫНДАЙ ДЕП ЖАЗЫЛАТ:

Кыргыз Республикасы – светтик мамлекет

КОНСТИТУЦИЯНЫН 7-БЕРЕНЕСИНДЕ БУЛАР БЕЛГИЛЕНГЕН:

- эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынбашы керек;
- дин жана бардык культтар мамлекеттен ажыратылган;
- диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

КОНСТИТУЦИЯНЫН 32-БЕРЕНЕСИНДЕ КР ЖАРАНДАРЫНЫН ТӨМӨНКҮДӨЙ УКУКТАРЫ КЕПИЛДЕНЕТ:

- ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутууну же эч бирин тутпоону;
- диний жана башка ишенимдерди эркин тандоону жана тутууну;
- өзүнүн диний жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлануугa тийиш эместигин.

- улуттук коопсуздукту,
- коомдук тартипти,
- калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын САКТОО, жана
- башкалардын укуктары менен эркиндиктерин КОРГОО максатында Конституция жана мыйзамдар аркылуу чектелиши мүмкүн.

Мындай чектөөлөр аскердик же болбосо башка мамлекеттик кызматтарды эске алуу менен дагы киргизилиши ыктымал. **Киргизилген чектөөлөр белгиленген максаттарга туура келүүгө тийиш** (КР Конституциясы 20-берене).

Жогоруда белгиленген укуктук кепилдиктерге ар кандай чектөө коюуга тыюу салынат (КР Конституциясы 20-берененин 5-пункту). Төмөнкү белгилерине карай **КОДУЛООГО** жол берилбейт:

- жынысы,
- расасы,
- тили,

майыптуулугу,

этноско таандыктыгы,

туткан дини,

курагы,

саясий жана башка ишенимдери,

билими,

теги,

мүлктүк же башка абалы,

ошондой эле башка жагдайлары (16-берене).

Конституция диний негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салат (4-берене). Иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандыруугa багытталган максаттарды көздөгөн диний бирикмелердин иш-мердүүлүгүнө да тыюу салынат.

2.2. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы

КРнын «Кыргыз Республикасында дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзамы адамдын дин эркиндигине болгон укугун ишке ашыруу чөйрөсүн толугу менен тартипке салат, тактап айтканда:



Диний уюмдар катары, биргелешип дин тутуу, динге кызмат кылуу, ырым-жырымдар менен ырасымдарды бирге аткаруу, дин жаатында агартуу жана ишин улантуучуларды (диний жамааттар, борборлор, диний окуу жайлары, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, сыйынуу үйлөрү, монастырлар жана башкалар) даярдап чыгуу максатында уюштурулган, мыйзамда белгиленген тартипте каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери эсептелет.

Диний уюмдун макамы жашы жеткен жана туруктуу Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган эки жүздөн кем эмес Кыргыз Республикасынын жарандарынын демилгеси менен дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу органда[1] каттоодон өткөн соң берилет.

1 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия *http://www.religion.gov.kg/ru*

ДИНИЙ УЮМДАРДЫН УКУКТАРЫ:

табынуу имараттарында, курулуштарда жана аларга таандык жерлерде, зыярат кылуучу жерлерде, көрүстөндөрдө сыйынуу, диний ырым-жырымдар менен зыйнаттарды **тоскоолдуксуз** ишке ашыруу;

диний сыйынуулар менен жыйналыштарды өткөрүү үчүн ылайыктуу жерлерге **ээ болуу;**

ыйык деп эсептелген зыярат кылуучу жерлерге **кам көрүү** жана аларды колдонуу;

мамлекеттик органдардын кайрылуусу боюнча басылмаларда, кино-, фото-, аудио-, видео продукцияларда жана башка материалдарда диний экстремизмдин элементтеринин бар экендигине **түшүндүрмө берүү;**

диний адабияттарды, башка басма, аудио-, видеоматериалдарды, ошондой эле диний максаттагы предметтерди мыйзамда белгиленген тартипте **өндүрүү, сатып алуу, сактоо, өлкөгө алып келүү жана өлкөдөн чыгаруу, жайылтуу;**

зыяратка баруу же диний билим алуу үчүн башка диний иш-чараларга катышуу максатында эл аралык мамилелер менен байланыштарды **түзүү жана сактоо;**

дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия менен макулдашуунун негизинде кесиптик, үгүттөө, диний ишмердүүлүк жүргүзүү максатында чет өлкөлүк жарандарды **чакыруу;**

чарбалык субъектилерди жана кайрымдуулук жайларын (приюттар, интернаттар, ооруканалар) **түзүү;**

уставда белгиленген максаттарга жетүү үчүн чарбалык жана өндүрүштүк ишмердүүлүк **жүргүзүү.**

ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ **УКУКТАРЫ ЖОК:**

динге ишенгендерден зордоп акчалай төлөмдөр менен салыктарды чогултуу, аларга карата инсандык абийири менен ар-намысына шек келтирген чараларды колдонуу;

конституциялык түзүлүштү, коомдун адеп-ахлактык негиздерин өзгөртүүгө, диний терсаяктыкка чакырыктар орун алган диний китептерди жана башка материалдарды өлкөгө алып кирүү, даярдоо, сактоо, бир жерден экинчи жерге ташуу, таратуу;

диний мүнөздөгү китептерди, басылмаларды, аудио, видеоматериалдарды коомдук жайларда (көчөлөрдө, бульварларда) таратуу;

батирлерди, балдар мекемелерин, мектептерди жана жогорку окуу жайларын кыдыруу;

динди же диний ишенимдерди жайылтуу максатында кайрымдуулук ишин жүргүзүү;

ДИНИЙ УЮМДАР ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ МИЛДЕТТҮҮ:

ишмердүүлүк жүргүзүүдө өзүнүн толук аталышын жана кайсы конфессияга тиешелүүлүгүн көрсөтүү, ошондой эле жеке продукцияларына белги коюу;

бухгалтердик эсеп менен статистикалык отчёттуулук жүргүзүү жана ыйгарым укуктуу органдарга ишмердүүлүгү, башкаруу органдарынын жеке курамы боюнча отчетторду, ошондой эле акча каражаттарынын сарпталышы, эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдар, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок кишилер тарабынан берилген мүлктү колдонуу боюнча маалымат камтыган документтерди тапшыруу.

2.3. Кастык тилин козутканы үчүн улуттук мыйзамдын укуктук багыттары

Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршы туруу жөнүндөгү» мыйзамы экстремизмге каршы күрөшүүнүн укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктаган башкы мыйзам болуп эсептелет.

Бул мыйзам адам менен жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоого, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгү менен коопсуздугун камсыздоого багытталган. Мыйзамда жалпылоочу «экстремисттик аракеттер» деген термин бар жана ал аракеттер коомдук бирикмелердин, диний уюмдардын же башка мекемелердин, алардын формасына карабастан же жеке жарандын төмөнкүдөй багыттагы иштерди пландоо, уюштуруу, даярдоо жана ишке ашырууга багытталган иш-аракеттери кирет:

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күч колдонуп өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу;
- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузуу;
- бийликтин ыйгарым укуктарына кол салуу же тартып алуу;
- мыйзамга каршы куралдуу түзүлүштөрдү уюштуруу;
- террордук аракеттерди жасоо;
- зомбулук аркылуу же болбосо зомбулукка чакыруулар менен байланышкан расалык, улуттук (этностор аралык) же диний араздыктарды тутандыруу;

2 17.08.2005-ж. №150 Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршы туруу жөнүндөгү» Мыйзамы (2.08.2016-ж. №162-ред.)

аталган иштерди каржылоо же болбосо анын ишке ашырылышына же аткарылышына башка жол менен, анын ичинде иш-аракеттердин жүзөгө ашырылышы үчүн финансы каражаттары, кыймылсыз мүлк, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык база, телефондук, факсималдык жана башка байланыш түрлөрү, маалымат кызматтары, башка материалдык-техникалык каражаттар менен камсыздоо аркылуу көмөктөшүү;

улуттук ар-намысты кордоо;

идеологиялык, саясий, расалык, улуттук (этностук) же диний жек көрүү же кастык себептеринен улам, ошондой эле белгилүү бир социалдык топко карата жек көрүү же кастыктан улам массалык башаламандыктарды, бейбаштык жана вандализм аракеттерин ишке ашыруу;

жарандардын динге болгон мамилеси, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилдик таандыгы боюнча башкалардан өзгөчөлүгүн, үстөмдүгүн же болбосо, тескерисинче толук кандуу эместигин үгүттөө;

нацисттик атрибутика же символиканы, же болбосо нацисттик атрибутика менен символикага өтө окшош башка атрибутика менен символиканы үгүттөө жана ачык көргөзүү;

экстремисттик уюмдун атрибутикасын же символикасын үгүттөө;

аталган иш-аракеттерди ишке ашырууга же аткарууга ачык чакыруулар.

Мыйзамда араздыкка багытталган экстремисттик аракеттердин ишке ашырылышына жоопкерчилик каралган. КР Жазык кодексинин «**Расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу**» деп аталган 313-беренесине ылайык, *«расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошондой эле жарандардын дини, улуту же расалык таандыгы боюнча башкалардан бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу жасалса»* - **5 жылдан 7,5 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган;**

Ошол эле жосундар төмөнкүдөй жол менен жасалса:

1) өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен же аны колдоном деп коркутуу менен;

2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалса – ***7,5 жылдан 10 жылга чейин эркинен*** *ажыратуу каралган.*

Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында экстремисттик аракеттердин жок дегенде бир белгисин камтыган басма, аудио-, аудиовизуалдык жана башка материалдарды чыгаруу, сактоо, ташуу жана жайылтууга тыюу салат.

Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп табуу тартиби КР Жарандык-процессуалдык кодексинин (мындан ары – КР ЖПК) «**Экстремисттик же террористтик иш-аракетти жүзөгө ашырууга чакырган же болбосо аны жүзөгө ашыруунун зарылдыгын негиздеген же актаган маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндө арыздар боюнча өндүрүш» деп аталган 25-1-главасында белгиленген иштердин кээ бир категориялары боюнча өзгөчө өндүрүш тартибинде ишке ашырылат.**

- Прокурордун материалды экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндөгү биринчи инстанциядагы сотко берген арызы (261-2-берене).

- Сот тарабынан 3-5 күндүн ичинде каралышы.
- Соттун чечими чыкканга чейин маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүн убактылуу чектөө мүмкүндүгү.

- Сот чечими угузулган мезгилден тартып мыйзамдуу күчкө кирүүсү.
- Маалыматтык материалдын юстиция тармагында ыйгарым укуктуу орган тарабынан экстремисттик материалдардын тизмесине киргизилиши.

Бул категорияга кирген иштерди карап чыгуунун тездетилген мөөнөтү мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктардын корголушу менен, тактап айтканда, мамлекет жана коомду экстремисттик аракеттерден коргоо менен шартталган. Маалыматтык материалдарда экстремисттик аракеттердин белгилерин аныктоо чектөө чараларын колдонууга (нусканын сатыла элек бөлүгүн алып коюу, материалдын жеткиликтүүлүгүн чектөө ж.б.) негиз болот. Прокурор тарабынан талап кылынган учурда (мындай арыз КР ЖПК «Доону камсыздоо»[3] деп аталган 14-главасынын алкагында каралат), соттор маалыматтык материалдын жеткиликтүүлүгүн чектөө багытындагы чараларды арыз боюнча чечим чыга электе эле колдонуу укугуна ээ.

3 Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 8.06.2017-жылдагы чечими менен «Фергана.ру» МА сайтында жайгашкан маалыматтык материалдардын бири экстремисттик деп таанылган. Бирок, материалды экстремисттик деп таануу менен бирге, сот бүтүндөй www.fergananews.com маалымат булагынын жеткиликтүүлүгүнө чектөө киргизген.

Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршы туруу жөнүндөгү» мыйзамы ишмердүүлүгү экстремисттик аракеттерди аткарууга багытталган коомдук бирикмелерди, диний жана башка уюмдарды түзүүгө жана алардын иштөөсүнө тыюу салат.

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын реестрине ылайык, 2019-жылга карата ар кайсы инстанциядагы соттор тарабынан республиканын аймагында 21 «деструктивдик, экстремисттик жана террористтик уюмдун» ишмердүүлүгүнө тыюу салынган».

КР ДИМК деструктивдик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын реестри *http://religion.gov.kg/ru/religion_organization/blocked.*

КР Жазык кодексинин 315-беренесине ылайык, *«экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу пайдалануу»* **эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 2,5 жылдан 5 жылга чейин эркинен ажыратуу аркылуу** жазаланат.

Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан;

2) чет өлкөлүк коомдук бирикмелерден, диний, же болбосо башка уюмдардан же чет өлкөлүк жарандардан алынган каржылык же башка материалдык жардамды колдонуу менен аткарылса, - ***3 жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 5 жылдан 7,5 жылга чейин эркинен ажыратуу аркылуу*** *жазаланат.*

Сот тарабынан экстремисттик деп таанылган маалыматтык материалдардын реестри.

Реестр *http://minjust.gov.kg/ky/content/469* шилтемесинен жеткиликтүү.

Белгилей кетчү жагдай, Юстиция министрлигинин бул реестрин экстремисттик материалдардын үзгүлтүксүз жаңыланып турган, систематизацияланган тизмеси деп айтууга мүмкүн эмес (акыркы чечим 2016-жыл менен көрсөтүлгөн).

2.4. Журналисттер үчүн сунуштар

Кыргыз Республикасынын «Массалык маалымат каражаттары жөнүндөгү» мыйзамында[4] элге жайылтууга тыюу салынган маалыматтардын тизмеси берилген:

- мамлекеттик жана коммерциялык сырларды ачуу;
- учурдагы конституциялык түзүлүштү күч менен кулатууга жана бузууга, Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттин суверендүүлүгү менен аймактык бүтүндүгүн бузууга чакырык жасоо;
- согушту, зомбулукту жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктү жана башка элдер менен улуттарга карата терсаяктыкты үгүттөө;
- элдердин атуулдук ар-намысын мазактоо;
- динге ишенгендердин жана дин кызматкерлеринин диний сезимдерин мазактоо;
- баңги каражаттарын, психотроптук заттарды, адам органдарын жана (же) ткандарын, порнографиялык материалдарды, басма сөз басылмаларын, сүрөттөрдү же порнографиялык мүнөздөгү башка предметтерди сунуштоо; потенциалдуу курмандыктарды адамдарды сатууга, сексуалдык мүнөздөгү кызматтарга, анын ичинде психологиялык жардам, мамиле түзүү, релаксация, укалоо, мыйзамдуу иш аркылуу жагымдуу убакыт өткөрүү, андан ары сексуалдык мамилелерге кирүү максатында таанышууга тартууга багытталган маалыматты пропагандалоо;

4 Кыргыз Республикасынын «Массалык маалымат каражаттары жөнүндөгү» 2.07.1992-жылдагы №938-XII мыйзамы (30.05.2017-ж. N 94 ред.)

- уят сөздөрдү колдонуу;
- жарандык жана улуттук этиканын ченемдерин бузуп, мамлекеттик символиканын атрибуттарын (герб, желек, гимн) мазактаган материалдарды таратуу;
- инсандын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүү;
- жалган маалыматты атайылап калкка жарыялоо.

ЖУРНАЛИСТ ТӨМӨНКҮ УКУКТАРГА ЭЭ:[5]

маалыматты чогултуу, анализдөө жана жайылтуу;

мамлекеттик органдардан, өзүн-өзү башкаруу органдарынан, жарандардан, коомдук бирикмелерден, ишканалардан, мекеме жана уюмдардан коомдук мааниге ээ маалыматты суроо жана алуу;

журналисттик иликтөө жүргүзүү;

маалыматтарды, даярдаган билдирүүлөрүн же материалдарын жеке аты же жашыруун ат менен массалык маалымат каражаттары аркылуу жайылтуу, аларда өз ой-пикирин чагылдыруу;

журналисттин күбөлүгүн көрсөтүү менен ачык сот отурумдарына катышуу, согуштук аракет, табигый кырсык чөлкөмдөрүнө кирүү, митингдер жана демонстрациялар кошулуп, массалык иш-чараларга катышуу;

жарыялоого даярдалган маалыматтарды текшертүү үчүн адистерге кайрылуу;

5 КРнын "Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо" тууралуу мыйзамы 5.12.1997-ж.

Маанилүү: *Журналисттин коомдук кызыкчылыкты жактаган, жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирген маалыматтарга жеткиликтүүлүгү чектелбеши керек.*

ЖУРНАЛИСТТИН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АТКАРУУДАГЫ МИЛДЕТТЕРИ:

- инсандын укуктары менен эркиндиктерин, абийирин жана ар-намысын сыйлоо;

- күнөөсүздүк презумпциясынын принциптерин сактоо;

- даярдап жаткан материалдар менен билдирүүлөрдүн чындыгын текшерүү;

- объективдүү маалымат берүү.

Маанилүү: *Журналистке коом үчүн маанилүү маалыматтарды жашыруу же бурмалоо, ушактарды чын билдирүү катары жаюу максатында укуктарын кыянаттык менен пайдалануга жол берилбейт.*

Журналисттердин эсине:

- Материалдарда кайсы бир расага, этноско, улутка, динге же аймакка тиешелүү экенин сөз кылганда өтө этият болуу зарыл. Себеби, бул белгилерди байкабастан туура эмес колдонуп алуу тийиштүү топко карата терс стереотиптерди пайда кылып, коомдогу чыңалууну күчөтүп жибериши ыктымал.
- Кайсы бир расага, этноско, улутка, динге же аймакка тиешелүү экендиги мыйзамга каршы келген жүрүм-турумду актоо үчүн колдонулбашы керек.
- Фактыларга гана таянгыла, жалпылоолор менен ой-жоруулардан алыс болуп, фактыларды баалоочу түшүнүктөрдөн так жана туура бөлүп көрсөткүлө.
- Интрепретациянын ар кандай формаларына, билбей туруп сүйлөөгө жана кастыкты тутандырууга жол бербегиле.
- Журналисттин жеке көз карашы маалыматтык материалда берилбеши керек, өзүңөргө тиешелүү тескери ой-пикирлериңерди материалыңарда билдирбегиле.
- Журналисттин милдети – ой-пикирлерди манипуляциялоо же объективдүү эмес жана текшерилбеген божомолдорду жайылтуу эмес, аудиторияга маалымат берүү.
- Ар кандай пикир жана көз караштарды объективдүү жана калыс баяндап, аудиторияга фактылардын негизинде жеке жыйынтык чыгаруу үчүн мүмкүндүк берүү зарыл.
- Коомчулуктун маселени ар тарабынан түшүнүүсүн камсыздоо максатында ар дайым түшүндүрмө берүү үчүн компетенттүү адистер менен эксперттерге кайрылып туруу жана фондук маалымат жана кырдаал түрүндө кошумча фактыларды киргизүү зарыл.
- Укуктук тобокелдерди азайтуу максатында материалды жайылтуудан мурун адистер менен кеңешүү.

3 ЖУРНАЛИСТТЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Автор: Инга Сикорская, Борбордук Азиядагы Тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектебинин директору

3.1. Дин маселелерин чагылдыруу

Кээ бир журналисттер туура эмес түшүндүрүүдөн же ката кетирүүдөн коркуп, диний тематиканы жазгысы келбейт.

Бирок, ишеним менен динчилдик адамдын жашоосунун эң күчтүү фактору болуп эсептелет жана журналисттер бул тема боюнча материал даярдоону каалабагандыктан, же болбосо мындай иш колунан келбегендиктен, биздин аудитория үчүн көп учурда көмүскөдө кала берет.

Күмөндөрүңүздү четте калтырып эсиңизге түйүп алыңыз: журналистиканын эл аралык стандарттары бардык маселелерди, анын ичинде дин темасын дагы объективдүү жана калыс чагылдыруу үчүн бизге инструменттердин топтомун берген.

Окуу китебинин бул бөлүмүн окуп чыккан соң, дин маселелерин чагылдыруу репортаждарыңызды байыта тургандыгын, аудиторияга каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерин жеткиликтүү түшүндүрүп, сиз көтөрүп чыккан маселеге карата аудиториянын көзүн ача турган нерселерди ийне-жибине чейин көрсөтүп бере алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ боло аласыз.

ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН:

Дин жөнүндө баяндоонун эң туура деп эсептелген бирдиктүү ыкмасы жок. ММКлар менен журналисттер эл аралык стандарттарга, аудиториясынын талаптары менен кызыкчылыктарына, медиа жайыла турган географиялык аймак менен штатка карата иш алып барышат.

3.1.1. ЖУРНАЛИСТИКАНЫН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРЫ[6]

Бул бөлүм «Өзгөрүүлөр үчүн жасалган репортаждар: Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) кризистик аймактарынын жергиликтүү журналисттери үчүн колдонмо» аттуу басылманын негизинде даярдалды.

Көпчүлүк тактык, объективдүүлүк жана чынчылдык мыкты журналистиканын негизги принциптери экендигин, ошондой эле IWPR кесиптик даярдоонун негизин түзгөн принциптер экендигин танбайт.

Журналисттердин абийир кодекстеринин дээрлик бардыгында тең жок дегенде журналистика практикасынын түптүү үч фактору: калыстык, тактык жана чынчылдык орун алган. Алар жалпы стандарттар катары кабыл алынат. Этикалык критерийлер дагы жаңылыктарды топтоодо чынчылдык менен ак ниеттүүлүктүн болушун талап кылат. Кодекстердин көбү маалыматтарды чогултууда булактардын корголуусу маанилүү элемент экенин айтат.

1. КАЛЫСТЫК

Журналисттердин абийир кодекстери менен жүрүм-турум эрежелеринин көпчүлүк бөлүгү окуяларды баяндап берүүдө «калыстык» же болбосо «көз карандысыздыкты» биринчи орунга коет. Бирок бул концепция аныктама берүүдө кыйынчылык туудурушу мүмкүн.

Калыстык дегенде репортаждын белгилүү бир саясий партияны, динди, элди же этностук топту бир тараптуу колдоп, экинчисин

6 “Өзгөрүүлөр үчүн жасалган репортаждар: кризистик аймактардагы журналисттер үчүн колдонмо” (IWPR) *(https://bit.ly/2MjWvoM)*

жаман көрсөтпөө дегенди түшүнөбүз. Ал саясат жана тараптардын билдирүүлөрү жөнүндө адилеттүү, туура маалыматты берүү, ошондой эле бир партия же топтун башка партия же топко каршы берген түшүндүрмөлөрүн камтуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ошентсе да, эң башкы принцип - журналисттин түздөн-түз жеке ой-пикирин билдирбөөсүн, түшүндүрмөлөрүн бербөөсүн жана өзүнүн саясий жактоолорун жарыялабоосун камсыздаган принцип.

Балансталган журналистика факт менен ой-пикирдин ортосундагы айырманын так ажыратылышын камсыздайт.

2. ТАКТЫК

Ар бир журналисттик кодекс тактыктын зарылдыгын белгилейт. «Туура аткарууга» умтулуу дайыма ылдамдыкка шашкандан жогору турат. Шашып, бирок маалыматты туура эмес жеткиргендер кандайдыр бир сыйлыкка үмүт артпай деле койсо болот.

Журналист үчүн жазганды билүү маалыматты так, кыска жана эффективдүү берүү жөндөмдүүлүгүндө жатат. Ал так фактыларга таянууга тийиш. Ошентип, репортер ишенимдүү маалыматты кантип жана кайдан табууну билиши зарыл.

Бул болсо, мыкты байкагычтыктын, уга билүү жөндөмдүүлүгүнүн, жакшы базалык эрудициянын жана баарынан мурун маектешүү жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнүн бар экендигин билдирет.

3. ЧЫНЧЫЛДЫК

Маек курган кишилерге карата адилеттүү мамилениз маалымат топтоодо да, аны берүүдө да ак ниеттүүлүгүңүздүн белгиси.

Сиз аңгемелешип жаткан адамдар макала же программа эмне тууралуу экендигин, алардын катышуусунун салымын, радио же телемаек түз эфирде, же болбосо жазылып, кийин бериле тургандыгын, анын кантип редакциялана тургандыгын билүүгө укуктуу. Мындан тышкары, алар өздөрүн видеого тартып жаткандыгын билүү, андай болсо кээ бир өзгөртүүлөрдүн киргизилишин талап кылуу укугуна ээ. Бирок, тараптардын мамилесиндеги, ошондой эле окуяны баяндап берүүдөгү чынчылдык менен ак ниеттүүлүк эң негизги багыт болууга тийиш.

4. ТУУРАЛЫК ЖАНА АК НИЕТТҮҮЛҮК

Журналисттердин өз ишин аткаруусу жана анын натыйжаларын көрсөтүүсү – ал эми мунун негизи болуп этикалык ченемдер менен практика эсептелет – коомдук ишенимге ээ болуу үчүн өтө маанилүү. Журналисттердин жазылган жана жазылбаган кодекстери маалымат топтоодо, текшерүүдө жана жайылтууда эреже боюнча иш кылуу керектигин белгилейт. Журналисттик практикада анда-санда пайда болуп турган кыйынчылыктар менен диллемаларда уруксат берилген нерселердин чегин аңдап түшүнүү жана жеке инсандык этика эрежелерин билүү зарыл.

Тактык менен чынчылдыктан тышкары, кодекстердин көбүндө жаңылык билдирүүлөрдү жазууда тууралык, ачыктык жана туура ой жүгүртүү керектиги өзгөчө белгиленген. Кандай болсо да маалымат издеп табуу зарылчылыгы ак ниеттүүлүктү унутта калтырууга жол ачпайт.

Мисал үчүн, репортерлор өз ишинде тырышчаактыгы менен белгилүү. Бирок, алар мазактоо же коркутууларга жол бербөөгө тийиш. Журналисттер маалыматты ачык топтоп, кээ бир учурлардан сырткары жашыруун жазып алуу ыкмасын колдонуусу зарыл (редактордун уруксаты менен). Басма сөз сындаган ар бир адам жооп берүү укугуна ээ.

5. БУЛАКТАРДЫ КОРГОО

Журналисттердин абийир кодекси көбүнчө, ал тургай мыйзамга түздөн-түз каршы келген учурларда дагы, маалымат булактарын коргоого алуу керектигин айтат. Кээ бир журналисттер булактарды жарыялабоонун «моралдык милдеттенмелерине» да таянышат.

Биз Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунда (IWPR) маалымат булактарын коргоону журналисттин башкы укугу деп эсептейбиз. Бирок мындай купуялуулуктун бүткүл дүйнө жүзүндө эл аралык стандарт катары кабыл алынган деп айтуу кыйын.

Басылманын толук версиясы *https://bit.ly/2MjWvoM* шилтемесинде жеткиликтүү (орус тилинде).



3.1.2. ДИН МАСЕЛЕЛЕРИН КАНТИП ЧАГЫЛДЫРУУ КЕРЕК?

Дин маселелерин чагылдырган журналист төмөнкүлөргө милдеттүү:

- адамдардын жашоосундагы диндин ролун сыйлоого;
- динге кызыгуу жана аны изилдеп-үйрөнүүгө даяр болууга;
- адилеттүүлүк сезимине ээ болууга жана дин темасындагы ар бир окуяда эки тараптан ашык пикирлер боло тургандыгын түшүнүүгө;
- белгилүү бир диний көз карашты үгүттөөгө кызыктар болбоого;
- эгер репортер диний тематикада иштей баштаса, анда өлкөсүндөгү диний ар түрдүүлүктүн бардык багыттарын камтууга;
- кайсы жерде жана кандай жашаганына, чогулуп, сыйынганына карабастан, каармандары менен бирге убакыт өткөрүү үчүн даяр болууга;
- ар кандай диний көз караштарга жеке өзүңүз каршы болсоңуз дагы, жаңылыгыңыз бул ишенимдер тууралуу көптөгөн суроолорду жаратып жатса дагы, аларды ийне-жибине чейин так жана объективдүү сыпаттап берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга;

- диний маселелердин көпчүлүк бөлүгү ыйык жазуулар (Куран[7], Библия[8], Танах[9] ж.б.) менен байланышта экендигин эстен чыгарбаңыз;
- эгерде дин темасында бир материал даяр, спикерлер менен респонденттерди сурамжылап жатсаңыз, алар сиз билбеген диний булактардан цитаталарды келтирип, ыйык китептердеги фактыларды пайдаланышы же уламаларга таянышы мүмкүн. Ошондуктан, материалыңыз үчүн фактыларды чогултуп жатып, маектешкен кишилерге тактап, толуктоочу суроолорду көбүрөөк берүүгө, чындыкка жетүү үчүн болгон аракетиңизди жумшашыңыз керек. Бирок, муну менен бирге эле өзүңүздү башкара билүүгө, калыстык менен бейтараптыкты сактоого милдеттүү экениңизди эстен чыгарбаңыз.
- аудиторияга ар түрдүү диний ырым-жырымдар менен алардын өзгөчөлүктөрүн сыпаттап берүү үчүн маданият аркылуу иштөөгө, мыкты жазуу көндүмдөрүнө ээ болууңуз талап кылынат.

ДИНИЙ ЖАҢЫЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Диний жаңылыктар – маанилүү ролду дин, ишеним, динчилдик же диний этика ойногон тема, билдирүү же окуя.

7 Куран- мусулмандардын эң негизги ыйык китеби, 610-632-жылдар аралыгында негизинен Меккеде же Мединада Мухаммед Пайгамбар тарабынан «күн мурун билип айтылган сөздөр» формасындагы үгүт жана насыяттардын жазуусу. Веб-сайт Дүйнө жүзүндөгү диндер, Диний терминдердин сөздүгү: http://www.relig.info/koran

8 Библия – Эски жана Жаңы Осуяттан турган христиандардын ыйык китеби. Веб-сайт Дүйнө жүзүндөгү диндер, Диний терминдердин сөздүгү: http://www.relig.info/bibliya

9 Танах - иудейлер дининин эрежелери баяндалган ыйык китеп, Веб-сайт Дүйнө жүзүндөгү диндер, Диний терминдердин сөздүгү: http://relig.info/encyclopedia/iudaizm

Окуялар же баяндардын кайсы типтери диний жаңылык боло алат?

1. Саясат, спорт, ишкердик, билим берүү, криминал, искусство жана көңүл ачуу, илим, ден соолук, жашоо образы, мода, саякат кошулуп, бардык жергиликтүү жана дүйнөлүк жаңылыктар. Жогоруда белгиленгендердин көбүн журналист диндин таасири аркылуу карап чыга алат.

2. Иликтөө репортаждары; конфессиялардын өкүлдөрү каарман болгон тренддер тууралуу баяндар, тема үчүн мааниге ээ болсо, диний өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулган белгилүү жана катардагы инсандардын профайлдары жана дин маселелерине орун берилген аналитика кирет. Бизди курчап турган дүйнө жакшылык жана жамандык, кыйынчылыктарга каршы күрөшүү, элдешүү, кечиришүү, ийгиликтер жөнүндөгү баяндарга толгон. Бул нерселерге диний салт аркылуу карай турган болсоңуз, болочок материалыңыз үчүн мыкты маалыматтык негиз таба аласыз!

3. Бир же бир нече дин тууралуу окуялардан, алардын өлкөңүздүн азыркы коомуна тийгизген таасиринен жаңылыктар менен аналитикалык ракурстарды издеңиз. Маанилүү тарыхый же коомдук окуяларды сүрөттөп жатып, тигил же бул контекстте ар түрдүү диндердин байланыш чекитин таап, диндин институционалдык негиздери (сыйынуу жайлары, мечиттер, чиркөөлөр, конфессиялар, диний агымдар жана диний этика) жөнүндө айтып бериңиз жана бул институционалдык дубалдардын артында эмне болуп жаткандыгын көрсөтүп бериңиз.

tolerance

ДИНИЙ КӨП ТҮРДҮҮЛҮК

– бул диний ишенимдер менен практикаларда айырмачылыктар бар экендигин көрсөтүп турган факт. Бул факт кайсы динге тиешелүү экендигине карабастан, эң кичине жана бөлүнүп калган коомдордогу адамдар тарабынан дагы таанылып келген.

ДИНИЙ КӨП ТҮРДҮҮЛҮКТҮ ТҮШҮНҮҢҮЗ

Өлкөңүздөгү диний айырмачылыктар менен макул болбосоңуз дагы, же алар боюнча сизде бир катар суроолор жаралып жатса дагы аларды изилдеп чыгыңыз. Дин жана азыркы мезгил жаатында өзүн-өзү агартуу жана өз алдынча билим алуу менен үзгүлтүксүз алектениңиз.

Дин маселелерин чагылдырууда журналисттик этика жана кызыкчылыктардын кагылышы

1. Дин маселелерин чагылдырган журналист кайсы бир конфессияга тиешелүү болуп, диний ырасымдарды аткара алабы? Ооба. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Конституциялары бардык жарандарга дин тутуу эркиндигин бирдей берет. Демек, журналист этикалык принциптерди сактап, өз динин эркин тутууга укуктуу. Ал тургай, анын дин жаатындагы билимдери болочок репортажынын мыкты даярдалуусуна шарт түзүшү толук ыктымал.

2. Этикалык ченемдерди сактоо үчүн төмөнкүлөргө **ЖОЛ БЕРБЕҢИЗ:**

   - жаңылыктар менен репортаждарды өзүңүз барган мечиттен, чиркөөдөн, сыйынуу үйүнөн же жайынан даярдоого;

   - материалдарда жеке ишениминиз же диний традицияларыңызды жазып жаткан башка диндерден көбүрөөк жактоого;

   - өзүңүз барган диний коомдун мүчөлөрүнө ар дайым шилтеме берүүгө;

   - диний коомуңуздун көйгөйлөрү тууралуу айтып берип, жаңылыктарда аны үгүттөөгө;

   - диний ишенимдериңизге карама-каршы келген светтик көйгөйлөр тууралуу жазууга.

   Мындан тышкары, диний коомуңузда ээлеген лидерлик позициядан баш тартыңыз, себеби мындай абал диний традициялар туурасында объективдүү жана калыс баяндоо жөндөмдүүлүгүңүзгө коркунуч туудурушу мүмкүн.

Борбордук Азиядагы мыйзамдуу жана тыюу салынган диний уюмдардын тизмесин кайсы жерден текшерүүгө болот?

КАЗАХСТАН

Казакстан Республикасынын Маданият жана спорт министрлигинин Дин иштери боюнча комитети http://www.din.gov.kz/

Казакстан Республикасынын Башкы прокуратурасынын Укуктук статистика жана атайын каттоолор боюнча комитети http://pravstat.prokuror.gov.kz

ТАДЖИКИСТАН

Тажикстан Өкмөтүнө караштуу Дин, улуттук каада-салттарды, салтанаттарды жана ырым-жырымдарды жөнгө салуу комитети https://www.din.tj/tj

Тажикстандын Улуттук банкына караштуу Улуттук көзөмөл департаменти http://nbt.tj/ru/financial_monitoring/perechni.php

КЫРГЫЗСТАН

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы

http://www.religion.gov.kg

ТУРКМЕНИСТАН

Түркмөнстан Президентинин алдындагы Дин иштери боюнча Генгеш

Веб-сайты жок

УЗБЕКИСТАН

Өзбекстан Республикасынын Юстиция министрлиги https://www.minjust.uz/ru/interactive/reestr-relig/

Өзбекстан Республикасынын Дин иштери боюнча комитети https://data.gov.uz

Өзбекстан Республикасынын Башкы прокуратурасы http://www.prokuratura.uz

Дин жөнүндө эл аралык ачык маалыматтар

Virtual Religion Index
(Диндин виртуалдуу индекси)

http://virtualreligion.net/vri/ Дин тармагында изилдөөлөрдү илгерилетүү үчүн англис тилиндеги булак. Бардык диндер боюнча көп сандагы дүйнөлүк изилдөөлөрдү, аларды жүргүзүү жана иликтөө үчүн диний сайттардын мазмунуна шилтемелерди камтыйт. Гипершилтемелер бир гана башкы баракчаларына эмес, ичиндеги негизги каталогдор менен документтерге да берилет.

The Association of Religion Data Archives (ARDA)

http://52.9.15.250/ Диний маалымат архивдеринин ассоциациясы (ARDA), өлкөлөр боюнча диндердин, дин эркиндиктеринин индекстери.

World Christian Database
(Христиан статистикасынын дүйнөлүк базасы)

https://worldchristiandatabase.org/ Англис тилиндеги булак дүйнө диндери, христиан конфессиялары жана адамдардын топтору жөнүндө толук статистикалык маалыматты берет.

Religion online

RELIGION ONLINE

http://www.religion-online.org/
Дин маселелерин изилдеп үйрөнүүнү каалагандарга жардам берүүгө арналган англис тилиндеги булак.

World Religion Resources

http://www.refdesk.com/factrel.html Дүйнөлүк диний булактарга шилтемелерди камтыган англис тилиндеги веб-сайт.

Religion Facts

ReligionFacts
Just the facts on religion.

http://www.religionfacts.com/ Англис тилиндеги булак дин жаатындагы, дүйнө жүзүндөгү диндердин ырасымдары менен үрп-адаттары жөнүндө суроолорго ар түрдүү жоопторду - «бир гана фактылар» - маалыматын берет.

World Atlas

worldatlas

https://www.worldatlas.com/ Дин чөйрөсү кошулуп, ар кайсы багытта дүйнөлүк статистиканы берген англис тилиндеги булак.

Pew Research Centre

https://www.pewresearch.org/ Дин темасына байланышкан көптөгөн материалдарга ээ англис тилиндеги изилдөө борбору.

3.1.3. Борбордук Азияда диний тренддер тууралуу маалымат берүүнүн техникасы

21-кылымда динге байланыштуу темада жаңылыктар менен репортаждар, ошондой эле аларды даярдап чыккандар боюнча түшүнүк өзгөрдү. 20-30 жыл мурун диний жаңылыктар менен аналитика диний уюмдардын гана артыкчылыктуу укугу болуп келсе, бүгүнкү күндө диний тематикадагы контент ар бир ММКда жана веб-баракчада кездешет.

Бул болсо коом дин жаатында көп түрдүү, диний ландшафт андан да кыймылдуу болуп калгандыгы, көптөгөн диний түшүнүктөр тез өзгөрүп турган заманбап дүйнөгө ылайыкташып жаткандыгы менен байланыштуу.

Кээ бир медиа-тренддердин мисалдары жана аларды чагылдыруу техникалары

Тренд 1. *Диний кийим-кече (көбүнчө мусулман) кийип жүрүү боюнча саясий трибуналардагы, коом жана интернеттеги талкуулар, мындай кийинген адамдардын билим берүү жана мамлекеттик мекемелерге кирүү мүмкүнчүлүгү же болбосо мусулман аялдардын көрүнүшү, алардын үй-бүлө менен коомдогу ролунун талкууга алынышы.*

ММК теманы кантип баяндап берет:

Көбүнчө Борбордук Азиядагы светтик ММКлар бул маселени сын көз караш менен жана мусулман топторуна карата кемсинтүүчү сөздөр менен стереотиптерди колдонуп, негативдүү контекстте талкуулашат. Кээ бир медиалар болсо аркасында согуш жана бүлгүндүн

кадрлары көрүнгөн мусулман кийимин кийген кишилерди чагылдырган иллюстрациялык фото же видеолорду да кошушат. Айрымдары болсо жеке интернет-баракчаларында «Сиз үчүн хиджаб кийген аял эмнени билдирет?» же «Азан айтууга карата мамилениз кандай?» деген сыяктуу темада коомдук сурамжылоолорду өткөрүп, негизинен алдын-ала тандалган жана терс контекстти камтыган жооптордун тизмесин жайгаштырып коюшат. Ал эми мындай иш-аракет аудиторияда динчилдерге карата терс мамиленин пайда болуусуна шарт түзөт.

Көп учурда ММКлар мусулман коомчулугунда аялдардын ээлеген ордун – өзүн-өзү өнүктүрүү укугу менен умтулуусу жок деп, скептикалык көз караш менен баяндашат. Эркектерге бийликти берип, аялдардын кызыкчылыгына көңүл бөлбөгөн ислам дини дагы сынга алынат. Балким, мындай абалдар чындыгында эле бардыр, бирок бул жерде жалпылоо туура эмес.

Бул маселелерди чагылдыруунун эрежелери:

1. Репортажыңызды контекст менен камсыздаңыз.
2. Аудиторияга эмне үчүн диний эрежелер белгилүү бир кийим-кечени кийип жүрүүнү (же азан чакырууну) талап кыларын жана мунун мааниси эмнеде экендигин айтып бериңиз.
3. Аудиторияны бул маселе боюнча ар түрдүү көз караштар менен тааныштырып, түрдүү өлкөлөрдөгү диний кийим-кечеге (же азан чакырууга) байланыштуу дүйнөлүк практиканы көрсөтүп бериңиз.
4. Эгерде бар болсо, маселеге байланыштуу жергиликтүү мыйзамдарды көрсөтүп, аларга шилтемелерди бериңиз.
5. Дин жана ишеним эркиндиги жөнүндө эл аралык стандарттар менен документтерди эсиңизден чыгарбаңыз. Буларга карата шилтемелерди дагы контекстке киргизүүгө болот.
6. Баланталган ой-пикирлердин кеңири спектрин бериңиз, башка конфессиялардын өкүлдөрүнүн ичинен дагы респонденттерди тарткан жакшы.

7. Мусулман аялдар тууралуу жазып жатканда салыштырмалуу талдоо жүргүзүп, карама-каршылыктарды көрсөтүңүз. Жеке репортажыңызда, мисалы, активдүү мусулман аялдар, алардын уюмдары, коом үчүн пайда алып келген ишмердүүлүгү ж.б. жөнүндө маалымат бериңиз.

8. Коомдогу динчил аялдардын ролу тууралуу башка конфессияга тиешелүү аялдардын пикирлерин келтириңиз.

9. Согуштук аракеттер менен аудиторияда коркунуч пайда кылбай турган чыныгы визуалдык көрүнүштү көрсөтүңүз.

10. Бул Колдонмонун «Канткенде кастык тилинин жайылтуучусу болбойбуз» аттуу бөлүмүн окуп чыгыңыз, бул темадагы видео-сабакты[10] көрүңүз жана Глоссарийди карап коюуну да унутпаңыз.

11. Эгерде сиз маанилүү ролду дин ойногон чыр-чатакты чагылдырып жаткан болсоңуз, анда тынчтыкты орнотуучу журналистиканын ыкмаларын колдонуңуз. Ал ыкмалар биздин видео-сабакта[11] бар.

10 CABAR.asia Медиамектеби, «Инга Сикорская: Кастык тили деген эмне жана ага журналистикада кантип туруштук берүүгө болот? Аттуу видео-сабак (2019-ж.): *https://school.cabar.asia/video/chto-takoe-jazyk-vrazhdy-i-kak-ego-preodolet-v-zhurnalistike*

11 CABAR.asia Медиамектеби, «Инга Сикорская: Чыр-чатактарды чагылдырууда тынчтыкты орнотуучу журналистика» аттуу видео-сабак (2019-ж.): *https://school.cabar.asia/video/inga-sikorska-ja-mirotvorcheskaja-zhurnalistika-pri-osveshhenii-konfliktov/*, 2019-жыл

Тренд 2. *Динин алмаштыргандар жана алардын үй-бүлө менен коомдогу жашоосуна тийгизген кесепеттери жөнүндөгү окуялар. Прозелитизм- адамдын өз ыктыяры менен, же болбосо миссионерлердин таасири астында бир динден башка бир динге өтүүсү. Бул тема жергиликтүү ММКларда сезимтал тема болуп саналат, ал эми окуялардын өнүгүүсү көп учурда кандайдыр бир трагедияга алып келет.*

ММК теманы кантип баяндап берет:

Прозелитизм темасы жергиликтүү ММКларда же прозелиттерди ур-токмокко алуу, зомбулук көрсөтүү фактылары, аларды жерге берүү же кайра көмүү маселелери тууралуу баяндалган криминалдык жаңылыктарда, же болбосо коомдогу прозелиттерге карата мамилеге анализ жүргүзгөн репортаждарда (фичерздерде) чагылдырылат. Көбүнчөсү – Борбордук Азиянын мусулман үй-бүлөлөрүнүн христиан дининин агымдарына өтүп кеткен мүчөлөрү жөнүндө баяндар.

«Ала-Бука районунда 76 жаштагы Канылгул Сатыбалдиеванын сөөгүн мусулман көрүстөнүнө дагы, христиан көрүстөнүнө дагы көмдүрбө коюшкандан кийин, башка жерге кайра көмүшкөн. Буга аялдын христиан-баптист дининде жүргөндүгү себеп болгон.

Айылдыктардын кээ бири христиан көрүстөнүнө коюлушуна каршы чыгышкан. Ошентип, жергиликтүү бийлик маркумдун сөөгүн башка жерге көмүүнү чечкен.

Сатыбалдиева 13-октябрда көз жумуп, анын сөөгүн мусулман көрүстөнүндө жерге беришкен. Сары-Талаа айылынын тургундары буга каршы чыккандыктан, христиандардын көрүстөнүнө кайра көмүшкөн. Бирок, бул жерде да маркумдун бир динде болбогондугун шылтоо кылып, сөөгүн жерге берүүгө уруксат бербей коюшкан. Маркумдун жакындары анын сөөгү мусулмандар көрүстөнүнөн жергиликтүү молдолордун демилгеси менен кайра казылып алынгандыгын айтышкан»[12].

12 Мисал: Кыргызстандын ММКларындагы жаңылыктар, 2016-жыл

Бул маселелерди чагылдыруунун эрежелери:

1. Бул маселени чагылдырууда журналистиканын кесиптик стандарттарынын бири болгон гуманизмди эсиңизден чыгарбаңыз. Сөздүн жана баяндалып жаткан образдардын адамдын (мында башка празелиттердин) жашоосуна тийгизген таасирин аңдап түшүнүү менен, бул маалыматты окуп чыккандан кийин коомдо аларга карата кандай мамиле жарала тургандыгын жана кесепеттери кандай болорун божомолдоого болот. Ошондуктан, бул жерде бардык фактыларды кошумча контекстке киргизип, аудиторияга көйгөй тууралуу толук картинаны берүү абдан маанилүү.

2. Контекстке төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- жарандардын дин же ишенимге ээ болууга жана тандоого; өз динин же ишенимдерин өзгөртүүгө; өз динин же ишенимдерин ачык айтууга жана жайылтууга карата укуктарын билдирген Конституциянын дин жана ишеним эркиндиги жөнүндөгү беренелерин түшүндүрүү жана аларга шилтеме берүү (Колдонмонун 1 жана 2-главасын карап чыгыңыз);
- маркумду жерге берүү укугу эл аралык жана ички мыйзамдарга негизделген инсандын кадыр-баркын коргоо, эркиндик жана жеке кол тийбестик укугу менен байланышта экендигин көрсөтө турган шилтемелер;
- дин иштери боюнча өкмөттүк органдардын расмий өкүлдөрү; жергиликтүү бийлик өкүлдөрү (себеби, көрүстөндөр менен сөөк бериле турган жайларды бөлүштүрүү жергиликтүү органдардын ыйгарым укуктарына кирет); маркумдун сөөгүн тийиштүү түрдө жерге берүүгө тоскоолдук кылуу адам укуктарынын бузулушу катары эсептелип, кылмыш мыйзамына ылайык жооп берүүнү талап кылган диний араздашууга үгүттөө жана козутууга багытталган иш-аракеттерди уюштуруу катары мүнөздөлгөндүктөн, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан берилген түшүндүрмөлөр.

3. Дин тутуу эркиндиги жаатында иш алып барган укук коргоо уюмдарынын комментарийлери;
4. Прозелитизм маселелерин чагылдырууда көз карандысыз, эл аралык уюмдардын эксперттеринин же аудиторияңызга диний сабырдуулук боюнча туура маалымат бере алган окумуштуулардын ой-пикирлерин да кошуу зарыл.
5. Сөзсүз түрдө диний көп түрдүүлүк боюнча жергиликтүү статистикадан маалымат бериңиз. Фактыларды мына ушундай контекстте берсеңиз, аудитория коомдо көп сандагы диндер бар экендигин түшүнөт.
6. Ачык маалыматтарды колдонуп, өлкөңүздөгү диний эркиндик менен диний терсаяктыктын индекстерин көрсөткөн[13] булактарды алып чыгыңыз.
7. Материалдарыңызда диний плюрализмди пайда кылыңыз. Аудиторияга ушундай жол менен маалымат берүү аркылуу коомдук ой-пикирдин диний көп түрдүүлүккө карата ыктыярдуу өзгөрүүсүн камсыздай аласыз. Коомдун пикири менен реакциясы, анын берген баасы абдан маанилүү. Бирок сиз шашпаңыз – бул абдан эле узакка созулган процесс жана аудитория мындай плюрализмге даяр болуусу керек! Ал эми сиздин кесипкөйлүгүңүз, көйгөйлөр тууралуу унчукпай отура бербестен, этикалык принциптер менен стандарттарга таянып элге айтып берүү ниетиңиз жакшы натыйжаларга алып келет.

13 Булакка шилтеме колдонмонун кийинки бөлүмдөрүндө

Тренд 3. *Диний азчылыктарга байланыштуу маселелерди чагылдыруу – Борбордук Азиянын медиа мейкиндигинде сейрек кездешүүчү сезимтал тема. Диний көп түрдүүлүк менен диний айырмачылыктар боюнча маселелер чындыкка дал келбеген стереотиптерге толуп калган.*

ММК теманы кантип баяндап берет:

Борбордук Азиянын медиа талаасында бул тема же мамлекеттик деңгээлде диний саясат талкууланып, каттоодон өткөн диний уюмдардын өкүлдөрү жалпы иш-чараларга катышкан учурда, же болбосо диний азчылыктардын катышуусу менен чыр-чатактар чык-кан, алар кызмат кылган жайлар жабылган же алар камакка алынган учурларды баяндаган криминалдык хроникада кездешет. Башка учурларда мындай окуяларды баяндап жатып, ММКлар «радикалдуу жана деструктивдүү диний агымдардын идеяларынын жайылышына жол бербөө максатындагы» бийликтин иш-аракеттерине шилтеме беришет. Кээде журналисттер кайсы бир диний азчылыкка карата кемсинтүүчү сөздөрдү, негизсиз айыптоолорду байма-бай колдонуу менен адилетсиз, теңдемсиз материалдарды жарыялашат. Мындай маалыматтар аталган топтордун коомдогу деңгээлин андан да төмөндөтүп, чыңалууну пайда кылат.

«Кришнаны жолдогон кишилерден этият болгула! Агрессивдүү протестант сектанттарына салыштырмалуу, кришнаиттер чататашпагандай көрүнөт…Бирок, андай эмес. Социалдык тармактардан жаш кришнаиттердин «Кришнаны гана жолдогон кыз менен таанышам» сыяктуу жарыяларын көп кездештирүүгө болот. Ушинтип алар адамдарды өз жана чоочун деп бөлүшөт. Башкача айтканда, кришнаизмге куштар болбогондор менен сүйлөшүүнү каалабайм. Салттуу православдар, мусулмандар, буддисттер мага жуп боло албайсыңар! Алыс болгула! Мына ушинтип, коомдо кандайдыр бир сектанын жолун жолдоочулар өзүнчө

бөлүнүп жашаган, руханий жактан өзүн башкалардан жогору сезген, руханий орден сымал бир нерсени чыгарган көзгө көрүнбөгөн психологиялык геттолор пайда болот».[14]

Бул маселелерди чагылдыруунун эрежелери:

1. Диний азчылыктар тууралуу баяндап жазуудан мурун бул топ тууралуу болушунча көбүрөөк маалымат топтоңуз жана коомдун өкүлдөрү менен жок дегенде бир күн бирге өткөрүп, алардын практикасын изилдеңиз, башка кишилер менен кантип байланыш түзгөндөрүнө байкоо жүргүзүңүз. Ошондо гана алар тууралуу туура маалымат бере аласыз. Бул үчүн алардын динине кирип кетүүгө милдеттүү эмессиз, жөн гана аларды тереңирээк түшүнүп, аудиторияңызга чындыкты айтып берүүңүз талап кылынат.

2. Борбордук Азия мамлекеттеринде диний уюмдардын каттоодон өтүүсү боюнча юридикалык процедура бар болгондуктан, баяндай турган диний жамааттын макамын тактап алыңыз. Ал макамды репортажыңызда көрсөтүп кетүүнү унутпаңыз.

3. Аталган диний жамаат тууралуу сиз жашаган коомдогу стереотиптерге көңүл буруңуз, өзүңүз үчүн чакан анализ жүргүзүңүз. Эмне үчүн бул жамаатка карата мындай стереотип пайда болгон? Өлкөңүздөгү тышкы факторлор (мыйзамдар, өзүн-өзү көрсөтүү жана ишеним эркиндиктери, аудиториянын сын көз карашынын деңгээли) аталган диний азчылыкты кабыл алууга кандайча таасир этет? Бул тууралуу эксперттер менен окумуштуулардын пикирлерин угуңуз.

4. Диний көп түрдүүлүктү ар түрдүү диндердин коомдогу байланышы менен бирге жашоосу аркылуу көрсөтүңүз. Журналистикадагы көп түрдүүлүк принциби өлкөдө жашаган бардык топтордун көрүнүктүүлүгүн арттырууда жатат. Адамдар өздөрүн ММКларда көргөндө, өздөрүн жашап, иштеген коомдун бир бөлүгү катары сезе башташат. Бул болсо, туруктуулук менен өнүгүүгө жакшы таасирин тийгизет.

14 Орус басылмасынан алынып, жергиликтүү ММКда кайра басылып чыккан билдирүү.

5. Диний азчылыкты эч качан коомго каршы койбоңуз. Баяндалып жаткан жамааттан өз кесибинин адиси катары тааныльып, өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошкон кишилерди таап чыгыңыз. Сезимтал жана адептүү болуңуз, алардан кайсы динге таандык экендигин айтып бере турган материалыңыздын каарманы болууга даяр же даяр эмес экендигин сураңыз.

Дүйнөлүк практикада диний айырмачылыктар, этностук айырмачылыктар сыяктуу эле чыр-чатактардын булагы боло тургандыгын эсиңизден чыгарбаңыз. Иш жүзүндө этностук жана диний карама-каршылыктарды чектөө абдан эле кыйын. Себеби, чатакташкан этностук топтор көп учурда ар башка динге таандык болуп чыгышат.

6. Диний азчылыктын катышуусу менен болгон окуя же чыр-чатакка жана анын кесепеттерине байланбаңыз. Көп учурда алардын диний тиешелүүлүгүнө байланышпаган көйгөйдүн түпкү себебин изилдеп чыгыңыз.

7. Эгерде сиз диний коом тууралуу кылдат тематикадагы контекстте жазып жатсаңыз, бардык топторго бирдей маалымат берүүнү унутпаңыз. Тараптардын баарынын үнүн бирдей жеткирүүгө аракет кылыңыз.

8. Фактыларды контекстке киргизип, аналитикалык материалдар менен журналисттик иликтөөлөрдө (эгер бул маанилүү болсо) эксперттер менен маектешүү аркылуу мүмкүн болгон көйгөйдү чечүү жолдорун сыпаттап бериңиз.

9. БИРОК, аудиторияңыз диний көп түрдүүлүктүн баарын кабыл алууга даяр болгонго чейин репортажыңызда бул чечим туурасында дебаттарды пайда кылбай туруңуз. Бул болсо, аталган диний азчылык жөнүндө баяндап берүүнү чечкен болсоңуз, аудиторияны даярдоо үчүн тарыхый, аналитикалык жана иликтөө ыкмалары менен бир катар материалды даярдап чыгууңуз керек дегенди билдирет.

10. Контекстте өлкөңүздөгү дин жөнүндө мыйзамдар тууралуу маалымат бериңиз. Үстөмдүк кылган конфессияга кандайдыр бир артыкчылыктар берилгенби же мыйзам алдында баары бирдейби? Эгерде баары бирдей болсо, практикада бул шарт аткарылабы жана кандайча аткарылат? Дин эркиндигин камтыган түптүү адам укуктарына шилтеме берүүнү унутпаңыз.

11. Ар дайым дин эркиндигинин рейтингдери менен дин тутууга байланышкан башка маселелер жарыяланган ачык эл аралык булактарды пайдаланыңыз. Аудиторияга туура маалымат берүү үчүн муну контекстиңизге сөзсүз кошуңуз.

Тренд 4. *Дин жана экстремизмди окшоштуруу; кээ бир учурларда, айрыкча тыюу салынган топтордун террордук актыларын же ишмердүүлүгүн баяндап жатып, ислам динин террорчулук менен чаташтыруу. Же болбосо, тескерисинче, криминалдык окуяларды баяндап жатып, ММКлар түшүнүктөрдүн ордун алмаштырып, аудиторияга чындыгында андай болбогон «диний экстремисттин» стереотиптик образын таңуулашат. Бул тренд жалгыз гана Борбордук Азиянын медиа талаасында эмес, дүйнөлүк ММКларда да көп кездешет. Көп учурда тыюу салынган террордук топтор өздөрүнө керектүү коомдук пикирди пайда кылуу үчүн ММКларды пайдаланышат. Алар ММКларга «ишмердүүлүгү» диний ченемдерди сактоо менен жүргүзүлүп жаткандай көрсөткөн даяр маалыматтар менен видеоматериалдарды таратышат.*

ММК теманы кантип баяндап берет:

Бул трендге кирген трагедияны баяндоонун кеңири жайылган мисалын келтирели. «Шейшембиден шаршембиге караган түнү ……..станда, беш террорист А пунктунан Б пунктуна бара жаткан автобусту 24 жүргүнчүсү менен кармап алышкан. Жүргүнчүлөрдү барымтага алган бандиттер бийлик менен байланышка чыгып, мурунку айда борбор калаадагы өкмөт үйүнүн алдында жардыруларды уюштургандыгы үчүн камакка алынган досторун бошотуусун талап кылышкан. Ошол учурда мусулман экстремисттери тарабынан уюштурулган теракттын натыйжасында 15 киши каза тапкан».[15]

15 Колдонмону даяр учурундагы медиакөзөмөлдүн жүрүшүндө табылган жергиликтүү ММКдан алынган мисал.

Бул маселелерди чагылдыруунун эрежелери:

1. Өзүңөрдүн редакцияңарда мындай иш-аракеттерди жасаган адамдарды кандайча атоону белгилеп алуу керек. Журналистиканын эл аралык стандарттарына ылайык, мындай кылмышкерлерди террордук акт жасагандыгын ырастаган соттун чечими чыкканга чейин «террорист» деп атай албайбыз. Ушул себептүү, кесипкөй журналист өз репортажында аларды «мусулман экстремисттер» деп атай албайт, анын үстүнө акыркы чечим жок. Мына ушинтип журналист дин менен кылмышты чаташтырып коет.

2. Өзүңүз үчүн колдонулган терминдердин Глоссарийин түзүп алыңыз, же болбосо биздин Глоссарийди пайдаланыңыз .

3. Эгер ал адамдар сот тарабынан террорист деп табылып, соттун чечиминде да ушундай белгиленген болсо, сиз фактыларды контекстке коюп, документтен үзүндү келтирүүгө тийишсиз.

4. Ар дайым окуянын диний эмес мотивдерин ачууга аракеттениңиз, бирок бейтараптыкты сактаңыз. Аларды жактоо же четке кагуу сиздин милдетиңизге кирбейт. Журналист далилдүү фактыларды гана берүүгө тийиш.

5. Тыюу салынган топтордун уламыштарын контекст жана иликтөөлөр аркылуу жокко чыгарыңыз. Мисалы, «кир бомбалар» же террористтердин ядролук арсеналга мүмкүндүк алуусу тууралуу сөздөр алардын фантазиялары экендигин ачып бериңиз. Диндин урматына жасап жатабыз деген “джихад” дагы ушул сыяктуу нерсе. Же болбосо, радикалдуу экстремисттик топтордун жихад өткөрүү максатында Борбордук Азияда топтолгондугуна байланыштуу уламыштар. Журналисттик иликтөө жүргүзүңүз, чыныгы жашоодогу уламыштарды жокко чыгарыңыз, факт менен тастыкталбаган нерселерди белгилеңиз, аудиториянын көңүлүн диндин реалдуу жактарына буруу менен, күмөндөрүн таратууга аракет кылыңыз.

Тренд 5. *Дин маселелерин чагылдырууда журналисттер көбүнчө ой-пикири диний билимге негизделип калыптанган булактарга таянганды жактырышат.*

ММК теманы кантип баяндап берет:

«Көпчүлүк бул динди туткандыктан, кайсы жерде жүрсө да, намаз окуусу үчүн шарттарды түзүп берүүгө аракет кылышыбыз керек[16]*. Ал бул сөздөр Пайгамбардын буйругу экендигин белгиледи».*

Бул маселелерди чагылдыруунун эрежелери:

1. Мындай булактарга ишенип, ушул сыяктуу ой-пикирди жайылтуу – светтик ММКлардын кооптуу практикасы. Зарыл болбогон учурда жана так түшүндүрмө бербестен, материалдарыңызда теологиялык терминдер менен диний булактардан цитаталарды колдонбоңуз. Диний жазуулар ар башка мааниде түшүндүрүлүшү мүмкүн.
2. Көйгөйгө карата азыркы көз карашты чагылдырган жана аны эски ыкмалар менен чечүүнү сунуштабаган булактарды колдонуу аркылуу пикирлердин балансын пайда кылыңыз.

16 Колдонмону даярдоо учурундагы медиакөзөмөлдүн жүрүшүндө табылган жергиликтүү ММКдан алынган мисал.

3.2. Дин маселелерин чагылдырууда кастык тилине кантип жол бербөөгө болот

3.2.1. Кастык тилинин феномени

Бул дилемманы чечүүдөн мурда, сиз өзүңүздү текшерип, төмөнкү төрт суроого жооп беришиңиз керек:

1. Кастык тили деген эмне?
2. Тексттерде, цитаталарда, визуалдык контенттерде жарыяланышына сөз эркиндиги жагынан жол берилген кастык тилинин терс баа берүүчү формаларын жана анын юридикалык санкцияларга алып келүүсү мүмкүн болгон мыйзамга каршы формаларын кантип ажыратууга болот?
3. Эмне үчүн кастык тилинин бир бөлүгү сөз эркиндигин түшүнүүгө жатат?
4. Канткенде кастык тилинин бул эки формасын бири-бири менен алмаштырууга жана репортаждарда козутууга алып келген жек көрүүчүлүк лексикасынын укукка каршы формасын колдонуп алууга жол берилбейт?

КАСТЫК ТИЛИ

(англ.hate speech, синонимдери: жек көрүүчүлүк тили/терсаяктык лексикасы/кодулоочу риторика) – негативдүү дискурстардын катарына кирген өзүн-өзү көрсөтүүнүн ар кандай формалары.



Өзүн-өзү көрсөтүүнүн бул формалары терсаяктыкты жайылтат, чагымчылык кылат же актайт, ксенофобияны, кээ бир учурда адамдарды бир катар себептер менен этностук, расалык, диний, гендердик, социималдык топко тиешелүүлүгү боюнча зомбулук жана кодулоого жол ачат тутандырат, күчөтөт.

Алар:

- Медиалык текстте;
- Цитаталарда;
- Аудиовизуалдык контентте;
- Сүрөттөрдө, демотиваторлордо, мемдерде байкалат.

КАСТЫК ТИЛИНИН ФЕНОМЕНИ ЭМНЕДЕ?

Кастык тили – ийкемдүү түзүлүшкө ээ, анын өзгөчөлүгү пикирин эркин билдирүү менен байланыштуу.

Кастык тили – терс баа берүүчү (колдонууга жол берилген), бирок кээ бирөөлөр үчүн кемсинтүүчү, ал тургай ыза кылуучу мүнөзгө ээ жана мыйзамга каршы келет.

Кастык тили – контекстке жана башка факторлорго жараша өзүнүн формаларын өзгөртө алат.

Кастык тили менен пикирин эркин билдирүүнүн ортосунда билинер-билинбес чек бар жана жаңылыштык кетирбөө өтө маанилүү!

Келиңиз, алгач бул суроого бир нече жооп табуу максатында чакан бир юридикалык экскурс жасайлы. Ооба, бир нече жооп алуу үчүн, себеби кастык тили ийкемдүү, бирдей эмес түзүлүшкө ээ болгондуктан, аны ар кайсы мезгилде түрдүү контекстте ар кандай квалификациялоо мүмкүн.

ПИКИРИН ЭРКИН БИЛДИРҮҮ VS КАСТЫК ТИЛИ

Көп жылдардан бери бүткүл дүйнө жүзүндө талаш-тартыштардын темасы болгон кастык тили менен ой-пикирин билдирүү эркиндигине болгон укуктун ортосундагы билинер-билинбес чек дал ушул жерде жатат.

Кастык тилинин өзгөчөлүгү адамдын универсалдуу жана Конституция менен камсыз кылынган ой-пикирин билдирүү эркиндиги менен тыгыз байланышта. Ошондуктан, кесипкөй журналист, айрыкча дин маселелери сыяктуу татаал жана сезимтал маселелерди чагылдырууда этикалык ченемдерди сактоо менен аудиториясына максималдуу даражада объективдүү маалымат берүү үчүн ар дайым аталган чекти издейт.

ПИКИРИН ЭРКИН БИЛДИРҮҮ

– бул жеке ой-пикирине ээ болуу, мамлекеттик чек араларга карабастан, оозеки, жазуу түрүндө же басма сөз аркылуу, же билдирүүнүн көркөм формалары аркылуу, же болбосо өзү тандап алган ыкмалар боюнча ар кандай маалыматтар менен идеяларды издөө, алуу жана жайылтуу укугу[17]. (ЖСУЭП)



17 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Башкы Ассамблеянын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган^ *https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml*

ТЕРС БАА БЕРҮҮЧҮ КАСТЫК ТИЛИ

Кастык тилинин бул формасы негизинен автор тарабынан кандайдыр бир максатка таянбастан жайылат жана стереотиптер менен көрсөтүлгөн кемсинтүүчү сөздөр аркылуу билдирилет. Ал автордун өзүндөгү же айланасындагы жана коомдогу тескери ойлордун негизинде калыптанат.

«**Кастык тили**» деп аталган терминдин өзү Борбордук Азиянын мыйзамдарында эч жерде кездешпейт. Бирок, журналистиканын эл аралык стандарттары журналисттерге ар кандай терсаяктыктарга шарт түзбөө максатында «**кастык тилин**» колдонуудан баш тартууну сунуштайт. Бул тууралуу эл аралык жүрүм-турум кодекстери менен жаңы тармактык этикада айтылат.[18]

«**Кастык тилинин**» феномени анын көпчүлүк бөлүгү сөз эркиндиги катары эсептелип, жарыялануусу мүмкүн болгон терс баа берүүчү форма болуп калуусу мүмкүн экендигинде.

Лексикалык формада кастык тили көбүнчө стереотиптер аркылуу – *башкалардын көз карашы менен бир топтун өкүлдөрүнүн туруктуу ой-пикирлери түрүндө чагылдырылат. Стереотиптер туура эмес түшүнүктөрдү, ал эми мындай түшүнүктөр – жалпы элдик мейкиндикте жек көрүүчүлүк тилин*[19] же кемсинтүүчү **сөздөрдү** – *белгилүү бир тилдик чөйрөдөгү шаблондук билдирүүлөрдү, айтылып жүргөн сөздөрдү пайда кылат. Алар ыза кылуучу контент болуп эсептелип, айрымдары убакыт өткөн соң маанисин жоготот, бирок ордуна жаңылары келет.*

Башкача айтканда, терсаяктык риторикасы менен кодулоо биз өз репортаждарыбызда кишилерди топторго бөлүп (биз-башкалар), бирөөлөрдү жактап, каршы тараптын позициясын интерпретациялаганда башталат.

18 CODE OF CONDUCT ON COUNTERING ILLEGAL HATE SPEECH ONLINE, // *https://ec.europa.eu/info/sites/info/files/code_of_conduct_on_countering_illegal_hate_speech_online_en.pdf*

19 Автордун түшүндүрмөсү

Элдин, журналисттердин көпчүлүгү муну ойлонбой туруп жасашат. Стереотиптерге негизделген кастык тилинин өнүгүүсүндө дагы бир жагдай бар. Ал – киши тарбияланып, жашаган чөйрө. Эгер айланадагылардын баары *«радикалдуу идеялар зомбулукка жакын спортсмендердин арасында тарайт*[20]» же болбосо «жоолук салынган аялдар – укукка ээ эмес» деп айтып жана жаза баштаса, акырындап отуруп сиз бул стереотиптерге көнүп каласыз жана дал ушундай ойлоп, айта баштайсыз. Бирок, мыйзам боюнча мындай конструкциялар укукка каршы деп айтылса дагы, белгилүү бир социалдык жана саясий контекстте алар терс кесепетке алып келип, ал тургай зомбулукка жол ачышы мүмкүн. Бул болсо, кастык тилинин өзгөртүлгөн формасында чагылдырылышы толук ыктымал дегенди билдирет.

Мисалы, өлкөдө белгилүү бир топко карата кандайдыр бир чектөөлөрдү киргизүүнү максат кылган демилге талкууланып жатат. Бул белгилүү бир топ үчүн диний атрибутиканы кийип же тагынып жүрүүгө, башкача айтканда, сырткы көрүнүшкө карата кандайдыр бир ченемдерди таңуулоого тыюу салуу боюнча демилге болушу мүмкүн.

Мындай социалдык-саясий жагдай максат топторго карата көңүл бурууларды күчөтүп, аларды макалаларда клишелер жана стереотиптер аркылуу сыпаттоо – бул топторго каршы кастыкты пайда кылат.

ТЕРС БАА БЕРҮҮЧҮ КАСТЫК ТИЛИ

- бул кайсы бир диний, расалык, этникалык, гендердик, социалдык топтордун же башка азчылыктын өкүлдөрүн шылдыңдоо, теңсинбөө сыяктуу сөз айкаштарынын бардык формаларынын текстте, цитатада же аудиовизуалдык контентте болушу.

20 Жалпы аң-сезимде тамыр жайган жана көбүнчө медиа чөйрөсү тарабынан калыптанган стереотиптик сүйлөм. Автордун түшүндүрмөсү.

Ошентип, топко карата негативдүү образ жаралат. **Мүмкүн болушунча кодулоочу стереотиптер менен сөздөрдөн алыс болуңуз жана материалдарыңызда аларды колдонбоңуз.**

Интернеттеги контентти көзөмөлдөп турган компаниялардын чечими менен жок кылынат.

МЫЙЗАМГА КАРШЫ КЕЛГЕН КАСТЫК ТИЛИ

Дүйнөлүк практикада «кастык тилинин» мыйзамга каршы келген формалары квалификациясы боюнча кодулоого алууга каршы мыйзамдарга киргизилген. Ал жерде жек көрүүчүлүккө ачык үндөө (англ.incitement of hatred) негизги түшүнүк катары эсептелет. Түшүнүк эл аралык укуктун терминологиясына негизделип, коомдук коркунуч деңгээлин эске алганда олуттуу кесепеттерге алып келе турган кооптуу иш-аракеттердин аткарылышына түрткү берген сөздөрдү криминализациялайт.

Ошондуктан, журналисттер сөз эркиндиги жагынан **мыйзамга каршы келген кастык тили** деген эмне, ал эми **терс баа берүүчү жана жол берилген** форма эмне экендиги жөнүндө так жана толук түшүнүккө ээ болууга тийиш.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мыйзамдарында «эл алдында же *ММКлар менен Интернетти колдонуу аркылуу кастыкты же араздашууну козутуунун, үгүттөөнүн»* белгилүү формалары үчүн жоопкерчилик каралган беренелер бар. (2-главаны караңыз).

Укуктук практикада Борбордук Азиянын журналисттери көп учурда цитата келтирүүдө, ой-пикирлерди билдирүүдө же визуалдык образдарды жайылтууда «араздашууну же кастыкты козутуу» боюнча айыптоолорго учурашат.

МЫЙЗАМГА КАРШЫ КЕЛГЕН КАСТЫК ТИЛИ

- бул белгилүү бир топко каршы кодулоочу өзгөчөлүккө ээ жана ачык эле зомбулукка үндөгөн, чыр-чатак менен кастыкты тутандырган текстти, оозеки жана аудиовизуалдык контенттин формалары. Көбүнчө мындай кептик конструкциялар онлайн формасында атайын таратылат жана Интернеттеги контентти көзөмөлдөп турган компаниялардын чечими менен жок кылынат.

ТЕРС БАА БЕРҮҮЧҮ КАСТЫК ТИЛИН МЫЙЗАМГА КАРШЫ КЕЛГЕН КАСТЫК ТИЛИНЕН КАНТИП АЖЫРАТУУГА БОЛОТ?

ТЕРС БАА БЕРҮҮЧҮ	МЫЙЗАМГА КАРШЫ КЕЛГЕН
-тескери, сын пикирдүү, ыза кылуучу; -адамдардын же уюмдардын сапаттары менен иш-аракеттерине негативдүү мүнөздөмөнү камтыйт; -бир нерсе тууралуу сын пикирди же тескери ойду камтыйт; -объективдүү болуусу мүмкүн туура эмес сөздөрдү, ыза кылуучу же жагымсыз лексемаларды, ошондой эле сөздөр менен стереотиптерди камтыйт; -ар кайсы топторго карата максаттуу гипотетикалык сөздөрдү камтыйт.	-раса, этностук, диний, гендердик топ же азчылыкка карата үгүттөөчү конструкцияларды жана зомбулук кылууга чакырыктарды камтыйт; -мындай иш-аракеттердин зарылчылыгын далилдейт; -мындай иш-аракеттерди аткаруунун тактикасын актайт -тыюу салынган атрибутика жана символиканы көрсөтөт; -божомолдонгон иш-аракеттердин тийиштүү контекстин жана баяндамасын берет; -бул маселе боюнча социалдык-саясий кырдаал чыңалган жана чагылдырылган тематикага карата сезимтал.

3.2.2. Канткенде кастык тилинин жайылтуучусу болбойбуз

КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!

- Журналистиканын эл аралык стандарттары боюнча, бир караганда билдирүүдө, цитатада/макалада/аудиовизуалдык продукцияда (расага, этностук, диний, гендердик, социалдык топко карата кандайдыр бир баяндоочу клишелер менен стереотиптер орун алган) козутуучу лингвистикалык конструкциялар болбосо, топко зомбулук кылууга ачык-айкын (гипотетикалык эмес!) чакырыктар жок болсо, тийиштүү контекст орун албаса, башкача айтканда, божомолдонгон иш-аракеттердин так сыпаттамасы берилбесе, ал эми бул медиапродукт жайыла турган социалдык-саясий абал чагылдырылган тематикага карата сезимтал болбосо – мындай контент кастык тилинин терс баа берүүчү формасы болот жана ал мыйзамдуу деп эсепетелет.

Мисалы, төмөнкү цитаталардан алынган үзүндүлөрдө байкалган сыяктуу:

> *«тарыхый жактан алганда, христиандар адамдарды канга чөктүрүп, отко өрттөшкөн…»*
>
> *же*
>
> *«бул бузуку мусулмандар ар дайым өз динин от жана кылыч менен жайылтып келишкен»*[21]

21 «Интернетте сөз эркиндиги жана терсаяктык лексикасы», Борбордук Азиядагы Тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектебинин куррикулуму: *http://www.ca-mediators.net/ru/obrazovanie_i_treningi/257-svoboda-vyrazheniya-i-leksika-neterpimosti-internete.html*

- Эгер макалаңыздагы билдирүүдө, цитатада же аудиовизуалдык продукцияда божомолдонгон иш-аракеттерди айкын сыпаттоо жана зырылчылыгын негиздөө менен **«ургула», «өрттөгүлө», «өлтүргүлө», «жардыргыла»** деген сыяктуу чакырыктар, ошондой эле **«жакшы болмок», «зарыл», «талап кылынат», «керек»** деген сөздөр менен толукталган, объектини так көрсөтүүгө багытталган (жалпы жонунан эмес, конкреттүү түрдө) козутуучу конструкциялар орун алган болсо, анда бул – мыйзамга каршы келген контент катары бааланат.

  Ошондуктан, мындай конструкцияларды колдонууда кыйыр сөздү кээ бир клишелер менен стереотиптерди сөздөр жек көрүүчү мүнөздө экендигин белгилөө менен өзгөртүп берүүгө болот.

- Эгер билдирүүдө, цитатада, даярдап чыккан макалада же аудиовизуалдык продуктыда ишке ашырылган иш-аракеттерге оң баа берилсе, алардын келечекте окшош иш-аракеттерди аткаруу үчүн түздөн-түз же кыйыр түрдө түрткү берген маанилүү себептерин, негиздерин жана тууралыгын көрсөтүү менен алар дурус деп табылса, медиатекстте логикалык байланыштар бар болсо, башкалар тарабынан негативдүү бааланган кишилерге оң баа берилген болсо – бул мыйзамга каршы келген контент катары бааланат.

  Мисалы, сизге окутуу максатында көрсөтүп жаткан төмөнкү цитатада байкалган сыяктуу:

> *«Бул диний кыймылдын өкүлдөрү (өлкөңүздө тыюу салынышы мүмкүн болгон кандайдыр бир диний кыймыл тууралуу айтып жатып) туура кылышкан. Алар ак эместерди же антихристтерди өлтүрүү аркылуу өздөрүнүн идеологиясын жайылтууга милдеттүү эле. Себеби, алардын идеологиясы бардык диний мыйзамдарга (ислам, христиан ж.б.диндердин) туура келет.*
>
> *«Гитлер туура кылган. Ал муну жасоого жана элди кырып жок кылуу аркылуу расалык тазалоону ишке ашырууга аргасыз болгон».*

ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН!

Ар кандай маданият жана коомдо кастык тили ар түрдүү бааланып, аудитория тарабынан ар түрдүү кабыл алынат. Келиңиз, эл аралык медиапрактикадагы белгилүү мисалды карап чыгалы.

2015-жылы Парижде Мухаммед Пайгамбарга карикатура жарыялаган Шарли Эбдо француз журналынын редакциясына чабуул жасалгандан кийин, журналисттердин коомунда көптөгөн талаш-тартыштар болгон. Мына ушул окуя контенттин ар башка аудиториялар тарабынан түрдүүчө кабыл алына тургандыгын көрсөткөн.

Францияда мындай контент кодулоочу деп эсептелбейт, жөн гана сатира катары кабыл алынат. Бирок, көпчүлүк бөлүгүн мусулмандар түзгөн өлкөлөрдө ушуга окшош карикатуралар кыжырдануну пайда кылат жана аларды жарыялоого тыюу салынат.

Азыркыга чейин медиа аянтчаларында бул эмне болгондугун: сөз эркиндиги же диний топко карата кастык тили экендиги талкуулануп бүтө элек.

Террористтер Шарли Эбдо журналынын редакциясынын кеңсесине кол салгандан 9 ай өткөн соң, карикатуристтер Түркиянын туристтик кумжээгинде өлүп жаткан сириялык бөбөк Айлан Курдиге арналган мультфильмдер аркылуу «жек көрүүчүлүктү козутуу» деген айыптоо менен куугунтукка алынган.

Аларды «жек көрүүдөн улам кылмыш жасоо» үчүн жоопкерчиликке тартуу сунуш кылынган. “Кара юристтер коомунун” төрагасы Питер Герберт, ошол учурда анын ассоциациясы карикатуралар боюнча маселени Европанын Эл аралык кылмыш сотунда «жек көрүүдөн улам жазыкка жана куугунтукка үндөө» деп карай тургандыгын билдирген.

Сол жактагы карикатурада мындай деп жазылган: «Христиандар суу кечип жүрүшөт, ал эми мусулмандардын балдары сууга чөгүп жатышат». Оң жактагы карикатурада мындай деп жазылган: «Максатка аз калды» жана ресторандын жарнамасы «Бир баа менен эки балдар менюсу».

Албетте, муну аудиториянын бир бөлүгү баалагандай, өлгөн үч жашар балага карата ыза кылуучу конструкциялар аркылуу чагылдырылган кастык тили орун алган карикатуранын өтө оор тамаша экендигин божомолдоого болот. Ошентсе да, бул визуалдык контент терроризм менен байланыштырылган диний топко кол салууну чагылдырбайт жана жек көрүүнү пайда кылбайт.

Айрымдар куугунтукка алууга эч кандай себеп жок деп эсептешкен, карикатурада бардык эле жерде сатириктер тарабынан колдонулган жол берилген кастык тили орун алгандыгын белгилешкен. Көз караштардагы мындай айырмачылык коомдогу кабыл алуу өзгөчөлүгү жана стереотиптерди көрсөтөт.

МЫНДАЙ УЧУРДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Мындай контентти коомдук пикирдин стандарттары боюнча эмес, укуктук багытта гана жарыялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгуунуз керек.

Анализ[22] көрсөтүп тургандай, коомдук пикирде көп учурда КРИТИКАЛЫК БААЛОО жана МААЛЫМАТ менен МЕДИА БУЛАКТАРДЫ АҢДАП ТҮШҮНҮҮ жетишсиздиги байкалат.

Ошондуктан, цензуранын ар кандай түрлөрүн мотивациялоо жана актоо үчүн аудиторияны колдонуу аркылуу коомдук аң-сезимди манипуляциялоо оңой.

Жоопкерчиликтүү жана кесипкөй журналисттер муну жакшы түшүнүп, ар кандай сезимтал контентти этикалык ченемдердин алкагында аудиторияга туура жеткире билүүгө тийиш. Бирок, бул сизди ички цензураны колдонууга жана объективдүү фактыларды билдирүүдөн баш тартууга мажбурлабашы керек.

ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН:

терс баа берүүчү кастык тилинин кеңири тараган формалары - бул кылмыш эмес, жана кимдир-бирөөгө кайсы бир сөз же билдирүү жакпай калса, анын автору түрмөгө отурушу керек дегенди билдирбейт.

22 Сөз эркиндиги жана кастык тили жөнүндө аналитикалык докладдар менен жазуулар, Борбордук Азиядагы Тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектеби: *http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/*

КАСТЫК ТИЛИНЕ ЖОЛ БЕРБӨӨ ҮЧҮН ӨЗҮН-ӨЗҮ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА 8 СУНУШ

Жеке материалдарыңызда кастык тилинин мыйзамга каршы келген формасын кокусунан колдонуп албайын десеңиз:

1. сөз эркиндиги менен мыйзамга каршы келген кастык тилинин ортосундагы айырмачылыкты түшүнүңүз;
2. капысынан кабылып калбаш үчүн бул чөйрөдөгү мыйзамдарды билиңиз;
3. сезимтал тематика боюнча журналисттик репортаждар үчүн редакциянын жана жеке өзүңүзгө тиешелүү Глоссарийди түзүп, аны үзгүлтүксүз толуктап туруңуз;
4. аудиторияда негативдүү кабылданышына жол ачпоо үчүн ар кандай топторду идентификациялоого байланыштуу бөлүктөрдү материалыңыздан чыгарып салыңыз;
5. материалыңыз кимге арналарына жана бул маалыматты кандай аудитория колдоно тургандыгына көңүл бөлүңүз;
6. каармандарыңыздын дини, расалык, этностук, социалдык таандыгы жана гендердик окшоштугуна байланышкан темалардагы фичерздерде тамашалуу лексикалык формаларды абайлап колдонуңуз;
7. ички туюмуңузга ишениңиз: эгер каармандарыңызды баяндай турган цитата же фраза – ксенофобиялуу жана кастык мазмунда деп ойлосоңуз, демек чындыгында эле ошондой;
8. материалдарыңызды жарыялоодон мурун өз алдынча тестирлөөдөн өткөрүңүз.

БИЛДИРҮҮҢҮЗДҮ ЭКСПРЕСС-ТЕКШЕРҮҮ[23] ЫКМАСЫ МЕНЕН ӨЗ АЛДЫНЧА ТЕСТИРЛӨӨ ТЕХНИКАСЫ

Өзүңүзгө бир нече суроо бериңиз, материалыңызды анализдеп чыгыңыз, андан соң гана жарыялай аласыз. Бул ыкма кастык тилине жол бербөөгө жана сиз тараткан маалымат боюнча айыптоолорго кабылбоого жардам берет.

1 МАКАМ ЖАНА БЕДЕЛ

Ким жөнүндө цитата келтирип же жазып жаткан болсоңуз, ошол кишинин МАКАМЫ менен БЕДЕЛИН билип алыңыз. Цитата келтирген кишинин кандайдыр бир топко карата айткан дооматтары менен фактылары сөзсүз түрдө текшерилиши керек.

Балким, сиз аңгемелешип жаткан киши, респондент же спикер аудиторияны манипуляциялоо боюнча чоң тажрыйбага ээ бирөө болуп чыгаттыр. Ошентип, ал негативдүү стереотиптерди пайда кылуу же кастык тилин колдонуу аркылуу негизсиз айыптоолорду билдирүү максатында сизди жана сиздин ММКны колдонот. Мындай сөз түрүндөгү козутуулар медиада чагылдырылбашы керек.

2 ЛЕКСИКАЛЫК КОНСТРУКЦИЯЛАР МЕНЕН ВИЗУАЛДЫК КОНТЕНТТИН МАЗМУНУ ЖАНА ФОРМАСЫ

Спикерлердин, респонденттердин, саясатчылардын көпчүлүк бөлүгү негативдүү идеялар менен ой-пикирлерге ээ, жана алар мындай идея, түшүнүктөрүн таратпаган учурда бул кылмыш болуп эсептелбейт. Бирок сиз башкаларды зомбулукка үндөгөн сөздөр бузуучу, бүлгүнгө

23 Экспресс-текшерүү ыкмасы Борбордук Азиядагы Тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектеби тарабынан «Көп түрдүүлүктү чагылдыруу» жана «Коопсуздук жана коом аралык мамилелер боюнча маселелерди чагылдыруу» деп аталган окуу курсу үчүн иштелип чыккан, 2017: *http://www.ca-mediators.net/kg/1189-makalany-zharyyaloo-aldynda-ykcham-tesher-ykmalary.html*

учуратуучу мүнөзгө ээ экендигин эсиңизден чыгарбашыңыз керек. Контентиңизде диний, этностук, гендердик, социалдык жана башка топко карата кемсинтүүчү сөздөр менен стереотиптердин жок экендигин текшерип чыгыңыз. Эгерде кандайдыр бир цитата кайсы бир топ үчүн кордоочу маанигe ээ деп ойлосоңуз, демек, чындыгында эле ошондой. Мындай билдирүүнү таратуу туура болобу? Ойлонуп көрүңүз. Балким, аны кыйыр сөздө же болбосо жек көрүүчү маанидеги сөздөрдү айткан респонденттерди колдонгондугуңузду түшүндүрүү менен берүү туура болот.

3 БИЛДИРҮҮНҮН ЖЕ ТРАНСЛЯЦИЯЛАНГАН ЦИТАТАНЫН МАКСАТЫ

Репортаж, өзгөчө сезимтал темадагы репортаж даярдап, коомдогу ар түрдүү топтор жөнүндө жазып же билдирүүлөрүндө уялбастан кастык тилин колдонгон белгилүү спикерлердин цитаталарын келтирип жатсаңыз, мындай лексикалык чабуулдардын кимге багытталгандыгына көңүл буруңуз. Балким, респондент сиздин медианы пайдаланып, атайылап эле кодулоочу лексиканы жайылтып жаткандыр? Этикалык жактан билимдүү журналисттер спикердин же респонденттин мындай билдирүүсү максаттуу болуп болбогондугун дароо эле аныктап коюшат.

УЧУРДАГЫ СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ЖАГДАЙ 4

Материалыңызды даярдап жаткан социалдык-саясий кырдаал репортажда орун алган клишелер, стереотиптер жана терс баа берүүлөрдүн аудитория үчүн канчалык деңгээлде кооптуу болушу мүмкүн экендигин көрсөтө алат. Мисалы, учурда оор чабалдагы топторго карата жол берилген кастык тилин колдонуу дагы оор кесепеттерге жол ачышы ыктымал.

5 БИЛДИРҮҮҢҮЗ ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛГОН АУДИТОРИЯНЫН КЕҢДИГИ

Макалаңыз кандай аудиторияны камтый тургандыгын, маалыматыңыздын жана ММКңыздын потенциалдуу керектөөчүсү ким экендигин анализдеп көрүңүз. Сиз көтөрүп чыккан тема канчалык деңгээлде окурманга же көрүүчүгө жеткиликтүү? Сиз канчалык деңгээлде элге ачыксыз жана медиа чөйрөсүндө таанымалсыз? Кесипкөй журналисттер кыска мөөнөттүк сенсацияга караганда, аудитория жана анын кабылдоосу көбүрөөк маанилүү экендигин жакшы билишет. Билдирүүнүздүн натыйжаларына баа бериңиз.

БИРОК:

Ар дайым цензурадан алыс болуңуз, ой-пикирлердин айкындуулугун сактаңыз жана үзгүлтүксүз өркүндөтүп туруңуз, анткени бул үгүттөөгө жол бербилбешин камсыздап, автоматтык түрдө кастык тилин кабылдоону жана анын кесепеттерин азайтат.



4 ДИН МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕРДИН ГЛОССАРИЙИ

4.1. Колдонбой турган терминдердин глоссарийи

Дин жана псевдо-диний уюмдар жөнүндөгү маалыматтык материалдарды даярдоодо төмөнкүдөй терминдерди колдонуу сунушталбайт.

«Өлкөнү арабдаштыруу»

- араб өлкөлөрүнөн инвестицияларды тартуу жана алардын Кыргызстандын экономикасынын түрдүү секторлоруна кошкон салымы туурасында талкуулардан улам, 2017-жылда өткөн президенттик шайлоо алдындагы кампания учурунда кыргыз медиасында пайда болгон негативдүү стереотип. Материалдардагы негативдүү багыт көп учурда Борбордук Азияда тутулган ислам дининин жол берилген агымдары менен бул стереотипти пайда кылгандардын пикири боюнча, расмий дини ваххабизм деп таанылган Сауд Арабиясы туткан радикалдык башка агымдардын ортосундагы параллель менен байланышкан.

Сунуш:

Бул негативдүү стереотипти колдонуудан баш тартуу. Араб тренддеринин өлкөлөргө тийгизген таасирин баяндоо зарылчылыгы келип чыкканда, мааниси менен өзөгүн так, айкын жана туура тил менен түшүндүрүү керек. Цитаталар менен респонденттердин билдирүүлөрүн трансляциялоодо бул стереотипти калтырып коюуга болот, себеби, ал кастык тилинин жумшагыраак тибине кирет. Ал эми стереотип белгилүү бир курч социалдык-саясий кырдаалга ж.б. карата колдонулганда, контент бул Колдонмонун мындан мурунку главасындагы кесепеттерди аныктоо тутумунда орун алган экспресс-текшерүү ыкмасын колдонуп тестирлөөдөн өтүүгө тийиш.

«Жихад»

- термин көп учурда туура эмес колдонулат жана зомбулук экстремизми менен терроризм тематикасындагы макалаларда интерпретацияланат. Динде «Жихад» түшүнүгү «умтулуу», башкача айтканда, жеке кумарануусуна каршы күрөшүү, дин үчүн күрөшүү ж.б. маанилерде колдонулат. Мунун бурмаланып интерпретацияланышы аудиторияда «согушчан жихад» деген түшүнүктү пайда кылат. Термин ММКларда тамыр жайып калган. Алар тыюу салынган топтордун согуштук аракеттерин баяндоодо, же болбосо алардын идеологиясын көрсөтүп жатып, бул- «жихадизмдин» идеологиясы экендигин баса белгилешет. Мындай параллелдер мусулман динине жана аны менен байланышкан бардык нерсеге негативдүү мамилени калыптандырат.

Сунуш:

Исламдын негизги мыйзамдары жөнүндө тарыхый макалалардан тышкары бардык учурларда бул терминди колдонбоого аракет кылуу. Экстремизм жана терроризм маселелерин чагылдырып жатканда бул терминди пайдалануу зарылчылыгы келип чыга турган болсо, “зомбулук жихады” сөз айкашын колдонуу сунушталат.

«Исламисттер»

- термин исламды саясатташтыруу аракетинде псевдо-диний (экстремисттик, террористтик) топторду белгилөө үчүн колдонулат.

Сунуш:

Эгер материалда дин жаатындагы (мында ислам дининде) чатаксыз активдүү ишмерлер жөнүндө кеп болуп жатса, анда «исламисттик активист» эмес, «диний активист», «мусулман активисти» же «ислам активисти» деп берилүүгө тийиш.

«Ислам мамлекети»

- өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө тыюу салынган ДАИШ, ИГИЛ экстремисттик жана террористтик топтун жалпы аты. Бул аталыш тыюу салынган топтун стратегдери тарабынан массалык аң-сезимге бир жерде «ислам мыйзамдары сакталган адилеттүү халифат» бар экендигин киргизүү максатында ойлоп чыгарылган. Медиада мындай сөз айкашынын колдонулушу аудиторияда тыюу салынган топтун «мамлекет» түшүнүгү аркылуу жалган легитимдешүүсүн, ислам динин туура кабылдоонун бурмаланышын камсыздайт.

Сунуш:

Бул сөз айкашын колдонуудан баш тартуу. Зарыл болгондо, ишмердүүлүгүнө тыюу салынгандыгын белгилөө менен, ИМ экстремисттик жана террористтик тобу же ИМ деп берүү.

«Жанкечтилер, шахиддер»

- светтик ММКларда бул термин конфликтогендик клише болуп эсептелет. Журналисттер көбүнчө материалынан сенсация жасоо максатында колдонушат. Термин Куранда башка маселелерге таандык түшүнүктөр менен байланыштуу. Репортаждардагы мындай окшоштуруулардын натыйжасында аудиторияда динчил келбетиндеги душман образы жаралат.

Сунуш:

терминди тыюу салынган экстремисттик же террористтик уюмдун өкүлү тарабынан ишке ашырылган террордук актыны баяндоо зарыл болгон учурда колдонуу.

«Динсиз адам»

- Кудайдын бар экендигин моюнга албаган адам. Руханий принциптер жана диний ишенимдердин негиздерине кайчы келген жүрүм-турумдарды баяндоодо колдонулат.

Сунуш:

колдонуу сунушталбайт, себеби, сөздүн этимологиясы диний башатка ээ жана диний окуунун четке кагылышына негизделет.

«Фанатик»

- жеке көз караштарын айланасындагыларга таңуулоодо ашкере активдүүлүк көрсөткөндөр.

Сунуш:

терминге карата мамиле ар түрдүү болгондуктан, колдонуу сунуш кылынбайт. (Бирөөгө фанатизм болсо, башка бирөөгө ички ишенимдерин жолдоо болушу мүмкүн).

4.2. Дин маселелерин чагылдырган журналисттерге жардамчы боло турган терминдердин тизмеси

АДЕПТ

– белгилүү бир окуунун жактоочусу, жолун жолдоочусу.

АТЕИЗМ

– (грек. ἄθεότης – кудайсыздык) – табигый дүйнөнүн (жаратылыштын) өз алдынчалыгы жана диндин табигый (адамзаттык) келип чыгышын таануу. Ушундан улам табияттан тышкары жогорку күчтүн бар экени жокко чыгарылат.

КАСТЫКТЫ КОЗУТУУ

– кастыкты козутуу дегенде улуту, уруусу, расасы, социалдык тобу, кофессиясы (дини) ар башка жарандардын ортосунда чыр-чатакты пайда кылуу аракети түшүнүлөт. Мындай аракеттер агрессивдүү кылыктар, физикалык зомбулук же аны менен опузалоо, мүлк ж.б. жок кылуу же зыянга учуратуу, же болбосо алардын укуктарын бөлүү, ажыратуу, чектөө жана аларга каршы зомбулук аракеттери менен коштолушу мүмкүн.

ДЕНОМИНАЦИЯ

– (лат. denominatio – өзгөчө ат энчилөө) – кайсы бир диндин ичинде обочолонгон өз алдынча абалга ээ диний бирикме. Мисалы, православие, католицизм жана протестантизм христианчылыктын деноминациялары болуп саналат.

ДЕРАДИКАЛИЗАЦИЯ

– адамдын идеологиялык, диний же саясий максатка жетүүдө зомбулук туура эмес экендигин кабыл алуусу үчүн ишенимин өзгөртүү процесси. Дерадикализация процессинде кээ бир адамдар экстремисттик ой жүгүртүүсүнөн баш тартып, негизги көз караштарды кабыл алат.[24]

24 Төмөнкү материалдан ыңгайлаштырылды: Смирнов М.Ю. “Социология религии: Словарь”. – С.-Петербург университетинин басмаканасы, 2011.92-93-беттер.

ДЕСТРУКТИВДҮҮ КЫЗМАТТАШТЫК

– (лат. destruktio – бир нерсенин туура түзүлүшүн бузуу, кыйратуу) – ачык же жашыруун түрдө тараптардын биринин кызыкчылыктарын экинчи тараптын пайдасына басуу.[25]

ДЕСТРУКТИВДҮҮ ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК

– (лат. – бузуучу) – инсанга карата да, бүтүндөй коомго карата да бузуучу мүнөздөгү, мыйзамга каршы келген жана мамлекеттүүлүккө коркунуч туудурган диний мотивацияланган ишмердүүлүк. Ал улуттун салттуу маданиятына, социалдык жүрүм-турум ченемдерине жана жарандардын кызыкчылыгына каршы турат. Мүчөлөрүнүн аң-сезими менен жүрүм-турумуна жашыруун психикалык зомбулук колдонот, адеп-ахлактык принциптерге туура келбейт; кишилердин өмүрү менен ден соолугуна коркунуч туудурат. Көп учурда бул аныктама жаңы диний агымдардын ишмердүүлүгүн компрометациялоо коркунучуна байланыштуу «секта» термини менен алмаштырылат.[26]

КОНФЕССИЯ

– (лат. confessio - дин) — бир диндин ичинде өздөрүнүн диний эрежелери, сыйынуу өзгөчөлүктөрү жана белгилүү уюштуруу түзүлүшү бар динчилдердин бирикмеси.[27]

КРИТИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

– болуп жаткан бардык нерселерди анализдөөгө умтулуу; жеке аракеттерин туура, объективдүү баалоону билүү, жеке каталарын табуу жана аныктоо, башка адамдардын сунуштары менен пикирлерин сын көз караш менен карап чыгуу жөндөмдүүлүктөрү.[28]

25 Глобалдык терроризмди иликтөө борбору: http://artsonline.monash.edu.au/gtrec/

26 Төмөнкү материалдан ыңгайлаштырылды: Денисенко Ю. «Деструктивное общение: к определению понятия»: https://cyberleninka.ru/article/v/destruktivnoe-obschenie-k-opredeleniyu-ponyatiya

27 Ошол эле булакта.

28 Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгү: https://slovarozhegova.ru/word.php?wordid=11808

КУЛЬТ

– бул жарандардын физикалык жана психикалык кол тийбестигин, же болбосо экономикалык жана социалдык абалын энчилеп алган, жана натыйжада коомчулук менен жашоочулардын укуктары үчүн коркунучу пайда болгон топ. Хассен С. «Секталарга жана аң-сезимди башкарууга каршы туруу (Противостояние сектам и контролю над сознанием)» аттуу китебинде диний, саясий, психотерапевттик жана коммерциялык деп, культтардын төрт тибин белгилеген. Саясий культтарга мисал катары, саясий жүйөлөр боюнча өзгөчө көз караш жана ишенимдегилерди көздөгөн террористтик, экстремисттик, авторитардык уюмдарды келтирген. Негизги басым тышкы түнттүккө жана дүйнөнү «биз жана алар» деп бөлүүгө жасалат.

МИССИОНЕР

– калктын ичинде динге үгүттөө иш-аракетин аткаруу үчүн жиберилген киши.

ЗОМБУЛУК ЭКСТРЕМИЗМИ

– идеологиялык, диний же саясий максаттарга жетүү үчүн зомбулукту колдонуу жана колдоо.

ПРОЗЕЛИТИЗМ

– эки мааниге ээ термин. Биринчи маанисинде – адамдын бир диний ишенимден башкасына өтүүсүнө алып келген иш-аракеттер. Бул - башка динди туткан адамдарды өз динине өткөрүүнү көздөгөн белгилүү бир конфессиянын ишмердүүлүгү. Экинчи маанисинде болсо, динге ишенген индивиддин өз ыктыяры менен башка динге өтүүсү. Бардык эле диний системалардагы этикалык ченемдер адепттерди диний бирдейлигин алмаштырууга мажбурлоо аракеттерин колдобойт.

ПСЕВДО-ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК

– (1) диний мыйзамдарды аткаруу деген шылтоо менен конституциялык түзүлүштү мыйзамсыз өзгөртүү жана демократиялык баалуулуктарды бузуу идеяларына негизделген экстремисттик жана террористисттик уюмдардын ишмердүүлүгү. (2) Бул термин деструктивдик диний ишмердүүлүк жүргүзгөн уюмдарга карата да колдонулат.

ПСИХОЛОГИЯЛЫК МАНИПУЛЯЦИЯЛОО

– бул адамдардын «алсыз жерлерин» колдонуу аркылуу алардын иш-аракеттери менен жүрүм-турумдарын жашыруун башкаруу.

РАДИКАЛДАШУУ

– индивиддин ынанымдары жалпы кабыл алынган ишенимдердин катарынан коомдо түп-тамыры менен өзгөрүүлөрдү ишке ашырууну каалагандардын категориясына өткөн экстремисттик идеологияны жолдоону акырындап өнүктүрүүнүн социалдык жана психологиялык процесси. Радикалдашуу зомбулук сөзсүз түрдө адам тарабынан жасалат дегенди билдирбейт. Бирок, идеологиялык, саясий же социалдык өзгөрүүлөргө жетүү үчүн террор менен зомбулукту туура деп тапканда, адам зомбулук экстремисти болуп калат.

РАДИКАЛИЗМ

– инсандын маселелерди радикалдуу, тез жана кайраттуу чечүүгө багытталуусу. Саясий радикализм дегенде кээ бир учурда иштеп жаткан түзүлүштү күч колдонуп бузууга чакыруу, чечкиндүүлүк жана идеологиялык доктринага терсаяктык кылуу; кээде – саясий практиканын экстравганттуулугу түшүнүлөт.

РЕАБИЛИТАЦИЯ

– лат. re - кайра, habilis – ыңгайлуу, ылайыкташкан. Адамдын социалдык статусун калыбына келтирүү; тийиштүү форманы же иштөө абалын калыбына келтирүү.

ДИН

– дин менен шартталган, табияттан тышкары дүйнө бар экендигине, дүйнөнүн диний күчтөр менен башкарылуусуна ишенген, моралдык ченемдер менен жүрүш-туруш типтерин, ырым-жырымдарды, ырасымдарды өз ичине камтыган, адамдарды уюмга бириктирген дүйнөнү аңдоонун өзгөчө бир формасы.

ДИН ТААНУУЧУ

– жеке мамилесине карабастан, бардык диний доктриналарды илимий көз карашта баалай билген, б.а. диний бейтараптыкты сактаган жана башка диндерге илимий көз караш менен караган дин жаатындагы адис. Дин таануучу диндин келип чыгуусун, өнүгүүсүн жана иштөөсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын көп түрдүү феномендерин, бул феномендер коомдун тарыхында кандай көрүнүштө болгондугун, диндин жана маданияттын башка тармактарынын ортосундагы өз ара байланыштар менен таасирлерди изилдейт.

ДИНИЙ ИШЕНИМ

– табигаттан сырткары жогорку күч бар экенине жана өз дининин акыйкаттуулугуна ынанган адамдардын психологиялык ишмердүүлүгү. Диний ишенимдин өзгөчө касиети катары обьективдүү далилдерге жана сын пикирлерге муктаж эместиги, адамдын диний идеялары менен образдарын таануу, жогорку күч менен "жолугууну" күтүү эсептелет.

ДИНИЙ ТОП

– жалпы белгилери боюнча (диндин негизги эрежелери, уюштуруу, этномаданияттык, аймактык ж.б.) бириккен кандайдыр бир диндин жолун жолдоочуларынын жыйындысы.

ДИНИЙ БИРДЕЙЛИК

– тийиштүү маданиятта диний мүнөздө деп белгиленген идеялар менен баалуулуктарга тиешелүүлүгүн, ошондой эле диндин белгилүү бир формасына же диний топко таандыктыгын түшүнүүнү камтыган диний аң-сезимдин категориясы.

ДИНИЙ АЗЧЫЛЫК

– кандайдыр бир диндин өлкөдө же аймакта үстөмдүк кылган диндердин өкүлдөрүнө салыштырмалуу аз сандагы өкүлдөрүнүн жыйындысы.

ДИНИЙ АҢ-СЕЗИМ

– адамдын табияттан тышкары статус берилген башка дүйнөнүн же кандайдыр бир маанилердин реалдуулугу тууралуу түшүнүктөрүнө негизделген психикалык ишмердүүлүгүнүн абалы.

ДИНИЙ ИШ-АРАКЕТТЕР

– динчилдердин диний аң-сезимдерди орнотууга жана диний табынууну ишке ашырууга багытталган аракеттери. Диний иш-аракеттердин диапазону абдан эле ар түрдүү (ыйык китептер менен ырасым текстгерин окуу, диний ырлар менен гимндерди ырдоо, үгүт-насыяттарды, сыйынууларды, мантраларды, дубаларды айтуу ж.б.).

ДИНИЙ ТЕРСАЯКТЫК

– ар кандай деңгээлдерде: бир диндин жолун жолдоочулардын арасында (диндин ичиндеги терсаяктык); белгилүү бир кишилердин же кишилердин тобунун ортосунда ар кандай чыр-чатактарга алып келген бир дин же диний позиция менен башка диндин ортосунда (дин аралык терсаяктык); башка динди же ишенимдерди тандоо жана тутуу эркиндигине, же болбосо башка ишенимдерди жактоого жол бербеген күжүрмөн атеизм же теизм формасында, же антисекуляризм формасында байкалышы мүмкүн.

ДИНИЙ МАМИЛЕЛЕР

– диндин ар түрдүү кубулуштарынын ортосундагы өз ара байланыш. Эреже катары, алар консолидациялоочу мүнөзгө ээ, динге ишенгендердин биригүүсүн, алардын дин кызматкери менен баарлашуу абалын пайда кылат.

ДИНИЙ СЕЗИМДЕР

– динчилдердин касиеттүү жандыктарга, байланыштарга, ыйык делген буюмдарга, жаныбарларга, өсүмдүктөргө, кишилерге, жерлерге, бири-бирине жана өздөрүнө карата, ошондой эле жаратылыштагы, коомдогу диний интерпретацияланган өзүнчө кубулуштарга, жалпы эле дүйнөгө карата эмоционалдык мамилеси. Диний сезимдер диний муктаждыктар менен диний түшүнүктөрдүн негизинде пайда болот.

ДИНИЙ ФУНДАМЕНТАЛИЗМ

– (лат. fundamentum – негиз) – дин иштеринде эң туура деп диний окутуунун доктриналарын түздөн-түз кабылдоо эсептелген ынанымдан улам пайда болгон акылдын багыттуулугу жана иш-аракеттер. Бул жобо диний модернизмдин эч кайсы формасын кабыл албоону, ыйык китептерде жазылган бардык эскертүүлөрдү сөзсүз жана ырааттуу аткарууну шарттайт.

СЕКТА

– диний уюмдардын бир тиби. Мындай диний бирикмелер кайсы бир чиркөөлүк уюмдун ичинде пайда болуп, кийинчерээк өз алдынча жамаат катары бөлүнүп кетет. (Расмий, эл алдында чыгып сүйлөнүүчү сөздөрдө "секта" терминин колдонуу саясий жактан туура эмес).

СВЕТТҮҮЛҮК

– диний уюмдар менен дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө жол бербөө аркылуу дин жана бардык культтарды мамлекеттен ажыратуу тууралуу конституциялык ченемдердин ишке ашырылышы.

ТЕОЛОГ

– (тео - кудай, логос – сөз) бир диний окуунун доктринасын изилдөө, түшүндүрүү жана системалуу баяндоо жаатында адистешкен кудай таануучу.

ТЕРРОРИЗМ

– белгилүү бир саясий максаттарга жетүү үчүн жарандарга каршы зомбулуктун өтө оор формаларын колдонуу практикасы. Ал экстремизмдин туундусу жана мамлекетке каршы көрүнүштөрдүн эң кооптуу формаларынын бири болуп эсептелет.

ЭКСТРЕМИЗМ

– белгилүү бир физикалык жактардын, ири жана чакан социалдык топтордун, коомдук-саясий уюмдардын, кыймылдардын иштеп жаткан конституциялык түзүлүштү, калыптанып калган коомдук (улут аралык, дин аралык, диний жана башка) мамилелерди реформалоо, өзгөртүү же жоюу максатында социалдык, коомдук ишмердүүлүктө жана мамилелерде мыйзамсыз ишке ашырылган радикалдуу саясий, улуттук, диний жана башка көз караштарды, позициялар менен жүрүм-турумдарды жактоосу.